HORECACLUB

PERETO
Promotion of Energy and Resource Efficiency in Tourism SMEs in Kyrgyzstan

switchasia
GRANTS PROGRAMME

Funded by the European Union

HoReCa
сегменти үчүн

# COVID Free колдонмосу




American University of Central Asia

unisongroup
- balanced development -

technopolis group

cscp
COLLABORATING CENTRE ON SUSTAINABLE CONSUMPTION AND PRODUCTION

# МАЗМУНУ

**Киришүү ... 03**

**Терминдер жана аныктамалар ... 04**

**Коомдук тамактануу жайларына карата коюлуучу талаптар:**

(I) Кызматкерлер ... 06

(II) Курулуш жана өндүрүш объектилери:
кантип дезинфекциялоо керек ... 10

(III) Банкет залы, тойканасы бар мекемелерге жана той уюштуруучуларына карата коюлуучу талаптар: ... 13

(IV) Коноктор ... 18

**Туристтик ишкердүүлүктү жүргүзүүгө карата коюлуучу талаптар:**

(I) Кызматкерлер ... 21

(II) Курулуш жана өндүрүш объектилери:
кантип дезинфекциялоо керек ... 24

(III) Эс алуучулар ... 27

Санитардык кайгуул ... 30

Тиркеме ... 37

COVID-19 белгилери байкалса кайда чалса болот? ... 56

Маалымат булактары ... 58

Бишкек. Декабрь. 2020 ж.

# Киришүү

Европа Бирлигинин SWITCH Asia* программасынын каржылык колдоосу менен ишке ашырылып жаткан «Кыргыз Республикасынын туризм тармагындагы энергия жана ресурстардын натыйжалуулугун илгерилетүү» (PERETO) долбоорунун алкагында, Борбордук Азиядагы Америка Университетинин(БААУ), UNISON тобу, Technopolis тобу жана Туруктуу Керектөө жана Өндүрүш Борборунун (ТКӨБ) колдоосу менен «Association HoReCa Club» юридикалык жактардын бирикмеси COVID Free колдонмосун HoReCa сегменти үчүн иштеп чыккан.

Колдонмонун авторлору койгон максат - COVID-19 эпидемиясынын кесепеттерин жоюу үчүн ата мекендик HoReCa секторун мүмкүн болушунча толук, пайдалуу жана практикалык маалымат менен камсыз кылуу.

Колдонмо практика жүзүндө колдонууга багытталган. Колдонмодо Кыргыз Республикасынын коронавируска байланыштуу колдонуудагы ченемдик укуктук актылары жөнүндө бардык маалыматтар, ошондой эле HoReCa секторуна байланыштуу алардан алынган үзүндүлөр, зарыл болгон түшүндүрмөлөр; Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан пандемия учурунда иштелип чыккан маалыматтык жана билим берүүчү материалдар; Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун сунуштары; тема боюнча кошумча маалыматка пайдалуу шилтемелер ж.б камтылган.

Колдонмо, сизге керектүү маалыматтын бөлүгүн басып чыгарып, уюмуңуздагы ар бир кызматкер тарабынан таанышуу, ишке ашыруу жана аткаруу үчүн өзүнчө папкага топтоого (мисалы, колдонуудагы мыйзамдар, жоболор, талаптар жана буйруктар) же кызматкерлер менен коноктор тарабынан (маалымат жана билим берүүчү материалдар, Тиркемени караңыз) таанышуу жана аткаруу үчүн аларды эң көрүнүктүү жерлерге илип коюга ыңгайлаштырылып даярдалган жана структуралаштырылган.

«Маалымат булактары» бөлүмүндөгү пайдалуу шилтемелер сизге дүйнөдөгү жана Кыргызстандагы тез жаңыланып туруучу маалыматтарды байкап, жаңылыктардан кабардар болуп турууга мүмкүндүк берет.

Терминологияны түшүнүүгө «Терминдер жана аныктамалар» бөлүмү жардам берет, төмөндө караңыз.


COVID-19 бизге узак мезгилдерге, балким түбөлүккө келген. Дүйнөдө мурункудай жашоо эми болбойт. Кааласак да, каалабасак дагы жаңы шарттарда жашоого туура келет. Ал эми ар бир адамдын, сиздин туугандарыңыздын, досторуңуздун, тааныштарыңыздын жана тааныш эмес адамдардын ден-соолугу жана жашоосу ар бир кыргыз жараны тарабынан жөнөкөй санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди сактоодон көз каранды. Дүйнөдөгү коронавирустун статистикасы көрсөткөндөй: жарандар көбүрөөк тартиптүү болгон, жеке гигиена эрежелерин жана социалдык аралыкты сактаган ж.б.у.с. эрежелерди сактаган коомчулукта, вирусту жуктуруп алган учурлары төмөн.

Ошондой эле, бир жолу колдонулуучу бет каптар, кол каптар, бир жолу колдонулуучу желим идиштер жана башка сунушталган иш-чаралар айлана-чөйрөгө келтирген зыянын унутпоо керек. Ошондуктан, колдонмонун авторлору HoReCa секторунун кызматкерлерин туруктуу керектөө жана өндүрүш принциптерине: таштандыларды, энергияны жана сууну керектөөнү минималдаштырууга, аймактарды, бөлмөлөрдү, идиш-аяктарды дезинфекциялоону камсыз кылуу үчүн мүмкүн болушунча зыянсыз үй тиричилик химия каражаттарын колдонууга үндөшөт. Бул колдонмонун беттеринде сизге пайдалуу экологиялык жактан таза практикалык кеңештер жазылган комментарийлерди көрө аласыз.

*Ушул колдонмонун мазмуна авторлор гана жооп беришет. Документ Европа Бирлигинин позициясын чагылдырбайт.

# Терминдер жана аныктамалар

## Колдонмодо төмөнкүдөй терминдер жана аныктамалар колдонулат:



**Киргизүү чыпкасы —** ал мекеменин кире беришинде (кафе, ресторан, мейманкана ж.б.) конокторго жана кызматкерлерге карата колдонулуучу чаралардын жыйындысы. Бул иш-чаралардын максаты коронавирустун (COVID-19) жайылышын алдын алуу болуп саналат.

Төмөнкү чаралар колдонулат: имараттын кире беришине дезинфекциялоочу килем төшөлөт жана кол тазалоочу каражаттар орнотулат, кызматкерлердин жана конокторду дене табы өлчөнөт. Имаратка кирүү үчүн кызматкерлерден жана коноктордон бет кап кийүүсү талап кылынат.

Зарыл болгон учурда, үй-бүлө мүчөлөрүндө дем алуу белгилеринин бар же жоктугу боюнча сурамжылоо жүргүзүлөт, ошондой эле текшерилет.

Кызматкерлерди/конокторду текшерүүнүн себеби - дем алуу белгилеринин байкалышы болот: жөтөл, дене табынын көтөрүлүшү, алсыроо, баш оору ж.б. Дене табы көтөрүлүп, жугуштуу оорунун белгилери байкалган кызматкерлер жумуш ордунан бошотулуп, дарылanuуга жөнөтүлүшү керек.




**Дезинфекция —** Бул ар кандай объектилердеги жана беттердеги (эмерек, пол, дубал, эшик туткалары, тосмолор, идиш-аяктар ж.б.) жугуштуу оорулардын козгогучтарын жок кылууга багытталган иш-чаралардын комплекси. Дезинфекциянын милдети - вирустун жана микробдордун териге, былжырлуу челдерге жана адамдын денесиндеги ачык жараларга түшүп калуусун алдын алуу.



**Дезинфекциялоочу килем —** дезинфекциялык эритме менен сиңирилген пол жабуулары. Алар бут кийимдин таманын, араба жана автоунаалардын дөңгөлөктөрүн, жаныбарлардын туяктарын дезинфекциялоо үчүн кызмат кылат. Алар тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайларында, коомдук тамактануу жайларында, мейманканаларда, медициналык мекемелерде, күнүмдүк турмушта, айыл чарбасында дезинфекциялоо үчүн колдонулат.


# Терминдер жана аныктамалар

## Колдонмодо төмөнкүдөй терминдер жана аныктамалар колдонулат:




**35,5°Сден 37,0°С чейин**

**Дене табы –** дени сак болгон адамдын дене табы күн ичинде 35,5тен 37,0°Сге чейин өзгөрүп турат.



**37,1°С жана андан жогору**

**Дене табынын жогорулашы –** дене табы 37,1°С жана андан жогору болгон учурда.



**Респиратордук белгилер -** жөтөл, дене табынын жогорулашы, алсыроо, баш оору.




**Социалдык аралыкты сактоо —** бул коомдук жайларда адамдар ортосундагы байланышты мүмкүн болушунча азайтуу. Ал адамдар ортосундагы белгилүү бир аралыкты сактоону билдирет. Социалдык аралыкты сактоонун максаты адамдан адамга жугуучу оорунун жайылуусун басаңдатуу. Башка адамдар менен 1—1,5 метр аралыкты сактагыла жана кол алышуу, кучакташуу, өбүшүү сыяктуу тыгыз байланыштан алыс болгула.



**Текшерүү тизмеси —** бул белгилүү бир натыйжага жетүү үчүн аткарууга же текшерүүгө керек болгон иштердин же тапшырмалардын тизмеси. Текшерүү баракчасы этап-этабы менен түзүлүп, буга чейин аткарылган жана аткарыла турган иштер даана көрсөтүлүп тургандай кылып түзүлөт. Ар бир тапшырманын тушунда бош мамыча коюлат, тапшырма аткарылгандан соң анда белги коюлат.

# Коомдук тамактануу жайларына карата коюлуучу талаптар

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 11-майындагы No244 « Коронавирустук инфекциянын (COVID-19) жайылуу тобокелдиктерин азайтуу боюнча кошумча чаралар жөнүндө» токтомун так аткаруу милдеттүү.

Ушул документке шилтемени, ошондой эле Өкмөттүн бардык токтомдорун, Кыргыз Респуб ликасынын Саламаттык сактоо министрлигинин тема боюнча буйруктарын, «Маалымат булактары» бөлүмүнөн караңыз.


## Жалпы талаптар

Ишканалардын жайгашкан жери, жайгашуусу, пландаштырылышы, санитардык-техникалык абалы, техникалык тейлөөсү, кызматкерлердин эмгек шарттары жана жеке гигиенасы боюнча Коомдук тамак-аш объекттери үчүн санитардык-эпидемиологиялык талаптарга ылайык жөнгө салынат (9 Тиркемени караңыз) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги No 201 «Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө» токтому менен бекитилген *(толук документтин шилтемесин «Маалымат булактары» бөлүмүнөн караңыз)*.

---

**!** Республикада коронавирустук инфекциянын (COVID-19) эпидемиологиялык абалы жакшырганга чейин 50 орундан ашык коомдук тамактануу жайларынын ишмердүүлүгүнө тыюу салынат .

## (I) Кызматкерлер




* Постер тиркемеде

– кызматкерлердин чакан топтордо жумуш орундарына баруу графигин иштеп чыгуу;

– жүргүнчүлөрдүн ортосундагы аралыкты сактоо, унаага милдеттүү түрдө дезинфекциялык иштерин жүргүзүү (кызматкерлердин кармагычтары, эшик туткалары) жана жүргүнчүлөр салонун желдетүү шарты менен кызматкерлерди транспорт менен камсыз кылуу.

## Кызматкерлер үчүн «киргизүү чыпкасын» уюштуруу:


**Милдеттүү түрдө аткарууга**



1) кызматкерлердин дене табын өлчөө үчүн жооптуу адамды аныктоо;
2) кызматкерлердин дене табын кире бериште жооптуу адам тарабынан контактсыз термометр же контакттык ыкма менен өлчөө (көчмө термометрлер);
3) кызматкерлерден алардын үй-бүлө мүчөлөрүндө дем алуу белгилеринин бар же жок экендиги жөнүндө суроо (сурамжылоо);
4) кызматкерлерде дем алуу белгилери бар-жогун (жөтөл, ысытма, алсыздык, баш оору ж.б.) текшерүү;
5) дене табы жогору жана жугуштуу оорунун белгилери бар кызматкерлерди милдеттүү түрдө жумуштан бошотуу;
6) кызматкерлердин бет кап же респиратор кийип кирүүсүн катуу көзөмөлдөө;
7) нөөмөтө кеминде эки жолу алмаштырылуучу жана жыртылган учурда алмаштырылуучу бир жолу колдонулуучу кол каптарды колдонуу (сатуучулар, кассирлер жана тамак-аш менен түздөн-түз байланышта болгон башка кызматкерлер);
8) мекемени атайын кийим менен камсыз кылуу (кеминде 2—3 комплект);
9) чечинүүчү жайдын, кызматкерлердин сырткы (жеке) жана атайын кийимдери үчүн жеке шкафтарын уюштуруу.

## Мекеменин кире беришинде:

**Санитардык кайгуулдун талабы!**




1) «Бет капсыз кирүүгө тыю салынат!» деген жазуу болуш керек
2) кызматкерлердин колун 70% спирт антисептик менен тазалоо үчүн, чыканак менен басып колдонуучу тазалоочу каражаттарды орнотуу;
3) дезинфекциялоочу килемди төшөө.

* Жазуунун мисалы Тиркемеде

Имараттын кире беришиндеги «дезинфекциялык туннель» коноктордун сырткы кийимдерин вирустардан абдан эффективдүү дезинфекциялайт. Бул П-формасындагы эки капталдуу, шыбы бар, ачык кирүү жана чыгуу мумкунчулугуно ээ болгон түзүлүш, аны оңой эле жыйнап салууга болот. Туннелдин бийиктиги – 2–2,5 м, туурасы жана узундугу – 0,9 м кем эмес. Ал поликарбонаттан, металлопластмассадан, суу өткөрбөй турган кездемеден же башка материалдардан жасалган.




**Санитардык кайгуулдун талабы!**




* Ден-соолук журналынын формасы Тиркемеде

1) **ден-соолук журналын** жүргүзүү керек, анда күн сайын (күнүнө кеминде 2 жолу) жооптуу кызматкер бардык кызматкерлердин дене табын жазат (сан менен);
2) кызматкердин ден-соолук журналында датаны, кызматкердин аты-жөнүн жана ээлеген кызмат ордун, дене табын көрсөтүү керек. **Дене табы сандар менен көрсөтүлүшү керек!** Мисалы, 36,5 же 36,6. **«Дене табы нормалдуу» деп жазууга болбойт!**
3) контактсыз термометрди колдонуу (көрсөтмөсүнө ылайык);
4)эгерде контактсыз термометр денеде болушу мүмкүн болбогон тапты көрсөтсө, анда батарейканы текшерип, алмаштыруу керек;
5)дене табын контакттык ыкма менен, тактап айтканда, көчмө термометрлер менен өлчөөгө жол берилет. Мындай учурда, термометрди ар бир дене табын өлчөөдөн кийин дезинфекциялоочу каражат менен тазалоо керек!





* Республика боюнча тынымсыз байланыш жана ишеним телефондору Тиркемеде

Эгерде кызматкерлердин арасында дене табы көтөрүлүп, коронавирустук инфекцияга шектелген жөтөл белгилери бар бейтап аныкталса, анда төмөнкүлөрдү кылууга зарыл:

1) аны башка адамдардан бөлүү;
2) андан ары тиешелүү чараларды көрүү жана эпидемияга каршы иш-чараларды өткөрүү үчүн мамлекеттик санитардык көзөмөлдүн аймактык органына, ошондой эле COVID-19 менен күрөшүү боюнча аймактык штабга жана көчмө бригадага дароо маалымдоо.

– Жеке гигиеналык чараларды жана социалдык аралыкты сактоого, бир жолу колдонулуучу бет каптарды жана кол каптарды кийүүгө басым жасап, коронавирустук COVID-19 инфекциясынын жайылышын алдын алуу чаралары боюнча кызматкерлер арасында санитардык-агартуу иштерин жүргүзүү керек;
– Кызматкерлердин жеке гигиена чараларын жана социалдык аралыкты сактоосун, бир жолу колдонулуучу бет каптарды жана кол каптарды колдонуусун, ар дайым көзөмөлдөп туруу керек;
– Бир жолу колдонулуучу бет каптардын жана кол каптардын утилдештирүүсүн үзгүлтүксүз текшерүү зарыл;
– Продукция камсыздоочуларга жана товарларды жеткирүүчүлөргө анын ичинде чабармандарга COVID-19 коронавирус инфекциясынын жайылышына жол бербөө чаралары жөнүндө эскертүү керек.

* Постер тиркемеде




Милдеттүү түрдө аткарууга

## Бир жолу колдонулуучу бет капты кантип туура колдонуу керек


1) кылдаттык менен бет капты мурунду жана оозду толук жапкандай кылып кийгенде, бет менен бет каптын ортосундагы ажырым азаюусу керек;
2) колдонуу учурунда бет капка колуңуз менен тийбеңиз. Колдонулган бет капка тийгенден кийин, мисалы, аны чечкенде, колду жуу керек;
3) бет кап нымдалып же булганып калган учурда, аны таза жана кургак жаңы бет капка алмаштыруу зарыл
4) бир жолу колдонулуучу бет капты кайра колдонууга тыюу салынат! Аларды ар бир колдонуудан кийин ыргытып, алып салгандан кийин дароо утилдештирүү керек.

* Бир жолу колдонулуучу бет каптарды колдонуу боюнча постерлер Тиркемеде

Кайра колдонулуучу бет каптарды колдонуу экологиялык жактан таза. Кайра колдонулуучу бет капты бет калкан менен айкалыштырып колдонуу кызматкерлерди коргоону күчөтөт. Тажрыйба көрсөткөндөй, бет калкан бетти колго тийүүдөн коргойт, бул көбүнчө бет кап кийгенде байкалат. Бет калканды дезинфекциялоо жана тазалоо оңой. Кайра колдонулуучу бет каптарды жуу да оңой.

Мындай ыкма менен, утилдештирүү маселеси жокко чыгат.

**Милдеттүү түрдө аткарууга**





### Бир жолу колдонулуучу бет каптарды жана кол каптарды кантип утилдештирүү керек:

1) Бир жолу колдонулуучу бет каптарды жана кол каптарды кадимки таштандылар менен кошо жалпы таштанды челегине ыргытып, дезинфекциялоочу эритме менен тазалагандан соң гана утилдештирүүгө уруксат берилет.
2) Оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаменти ошондой эле колдонулган бет каптарды жана кол каптарды бүтүн бойдон ыргытпоону сунуштайт. Бет каптарды жана кол каптарды кийип бүткөндөн кийин кесип, андан соң желим баштыктарга салып, тиричилик калдыктары менен кошо таштанды челекке ташташ керек.

## (II) Курулуш жана өндүрүш объектилери: кантип дезинфекциялоо керек

**Милдеттүү түрдө аткарууга (бар болсо)**




### Ар дайым аба алмашууну камсыз кылуу керек:

– агымдуу-соруучу желдетүү тутумунун иштешин камсыз кылуу (бар болсо);
– эгерде желдетүү тутуму жок болсо бөлмөнү жок дегенде күнүнө 4—5 жолу 15 мүнөттөн желдетүү (мүмкүн болсо);
– ашканалардагы абаны, бактерициддик лампаны колдонуу менен дезинфекциялоо (бар болсо).

*Ультрафиолет бактерициддик лампалар* ресторандарда жана мейманканаларда абаны дезинфекциялоо үчүн ыңгайлуу. Алар бардык белгилүү вирустардын, козу карындардын жана бактериялардын түрлөрүнө таасир этет. Жагымсыз жытты жок кылат. Чыгымдалуучу материалдарды алмаштыруунун кажети жок. Лампалар адамдар турган бөлмөлөрдө күнү-түнү колдонууга мүмкүн болуш үчүн жабык типте болушу керек. Лампалардын саны аларды пайдалануу боюнча нускаманын негизинде эсептелет жана коноктор үчүн бөлмөлөрдүн/ залдардын аянтынан көз каранды.

*Желдетүү.* Аба аркылуу таралуучу коронавирустук пандемия, бөлмөдөгү аба алмашуу канчалык маанилүү экендигин көрсөттү. Айрыкча бул көп адамдар чогулган мейманканаларга жана кафелерге актуалдуу.

Желдетүү тутумдарын күн сайын, анын ичинде жумуштан тышкары жана түнкүсүн иштетүү сунушталат. Бул Covid-19дун жайылуу ыктымалдыгын азайтат.

Эгерде имаратта желдетүүнүн механикалык тутуму бар болсо, анда аны жакшыртууга болот: 1) желдетүү тутумун тазалап, дезинфекциялоо керек; 2) камсыздоо каналындагы чыпканы жогорку тазалоо классына алмаштыруу (U15, U16); 3) дезинфекциялоо үчүн бактерициддик секцияны орнотуу. Бул үчүн канал тутумуна диффузорду (секцияга чейин) жана конфузорду (секциядан кийин) орнотуу керек.

## Ашкана:

– коноктор менен ашкана кызматкерлеринин ортосунда аралык аз болгондуктан, физикалык тосмо менен бөлүп, коноктордү тамак-аш даярдоо аймагынан мүмкүн болушунча бөлүп туруу керек;
– социалдык аралыкты эске алуу менен, жерге официанттар өз кезегин күтүшү үчүн белгилерди коюу керек.





**Милдеттүү түрдө аткарууга**

## Идиш-аяк жуу эрежелери:

1) мүмкүн болушунча бир жолу колдонулуучу идиш-аякты иштетүү;
2) көп жолу колдонулуучу идиш-аякты иштетүүдө, аны дезинфекциялоочу каражаттар менен тазалоо зарыл;
3) идиш-аякты жуу жана тазалоо боюнча көрсөтмөлөрдү жайгаштырыңыз.

* Идиш-аякты жуу жана тазалоо боюнча көрсөтмөлөр КР 2016-жылдын 11-апрелиндеги No 201 «Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө» жазылган

ДССУ көп жолу колдонулуучу идиш-аяк колдонсо болоруу жөнүндө маалымдайт. Мындан тышкары, колдонулган бир жолу колдонулуучу желим идиштер өсүп келе жаткан таштандылардын көйгөйүн көбөйтөт жана пандемия учурунда инфекциянын кооптуу булагы болуп саналат.



– жаракасы менен, четтери сынган, эмалы бузулган идиш-аякты колдонууга тыюу салынат;
–идиш-аяк жуучу жайларда колдонулган жуугуч жана дезинфекциялык каражаттардын концентрациясы жана көлөмү көрсөтүлгөн, идиш-аякты жана шаймандарды жуу эрежелери боюнча көрсөтмөлөрдө көрсөтүлүшү керек.



## Башка жайлар:

– мүмкүн болушунча «алып кетүүгө» буйрутмаларды күтүү аймагын отуруу жайларынан алыстатыңыз;
– «алып кетүүгө» буйрутма берүү үчүн жана дааратканаларга кезекке турууда аралыктын сакталышы үчүн жерге белгилерди коюңуз;
– эгер бар отургучтары болсо, анда коноктордун бар отургучтарына отуруусуна тыю салуу керек.

**Санитардык кайгуулдун талабы!**



* Кол жуу эрежелери Тикемеде

## Даараткана:

– коноктор үчүн да, кызматкерлер үчүн да дааратканаларда милдеттүү түрдө тазалоочу каражаттарды (эгер мүмкүн болсо - контактсыз чыканак менен иштетилүүчү) орнотуу.
– дааратканаларда кол жуу эрежелерин жайгаштыруу.

# (III) Банкет залы, тойканасы бар мекемелерге жана той уюштуруучуларына карата коюлуучу талаптар:

**! Бишкек шаары үчүн гана**

**Милдеттүү түрдө аткарууга**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 11-майындагы No244 «Коронавирустук инфекциянын (COVID-19) жайылуу тобокелдиктерин азайтуу боюнча кошумча чаралар жөнүндө» токтомунун жана Бишкек шаарынын мэриясынын 2020-жылдын 30-ноябрындагы No113 «Коронавирустук инфекциянын (COVID-19) жайылышын алдын алуу чаралары» иш жүзүнө ашыруу үчүн **Бишкек шаарынын Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору төмөнкүлөрдү так аткарууга милдеттендирет:**




**– жалпы орундардын 50%** ашпаган өлчөмдө кылып, орундардын санын чектөө;
**– банкет залында** социалдык аралыкты сактоону эске алуу менен тамактануучу столдордун жайгаштырылышын камсыз кылуу – **столдордун аралыгы кеминде 2 метр** болушу керек жана **бир столдо 8 ашык эмес адам** отуруусу керек;
–банкет залындагы желдеткичтин, кондиционердин, рециркуляторлордун натыйжалуу иштешинин эсебинен нормалдуу аба алмашууну камсыз кылуу;
–банкет залында **ар бир 3 саатта табигый желдетүүнү** камсыз кылуу;
– келген коноктор жана кызматкерлер жеке гигиена эрежелерин сактоосу үчүн, аларды жеке гигиена каражаттары (суюк самын, антисептик, электр же кагаз сүлгү менен тазалоочу каражаттар) менен камсыз кылуу жана шарттарды түзүү;
–сатылып алынуучу чийки азык-түлүк заттарынынын жана продукцияларынын азык-түлүк коопсуздугун тастыктоочу, коштоочу документтерин камсыз кылуу менен көзөмөлдү катуу жүргүзүү (шайкештик сертификаттары, шайкештик декларациялары, ветеринардык сертификаттар);
–бекитилген графикке ылайык, өндүрүштүк жайларды, технологиялык жабдууларды, инвентарларды, идиш-аяктарды тазалоо, жуу, дезинфекциялоо иштерин көзөмөлдөөнү күчөтүү, жер-жерлерде тазалоо боюнча көрсөтмөлөрдү жайгаштыруу;
–мекемени дезинфекциялоочу каражаттар менен жетиштүү көлөмдө камсыз кылуу. Дезинфекциялоочу каражаттар ЕАЭБ тарабынан катталышы керек, жана нускамасы менен шайкештик сертификаты болошу зарыл;
–жаныбарлардан алынган азыктардан тамак-аш даярдоо учурундагы температура көрсөткүчтөрүн жана азык заттарды сатоодогу шайкештик эрежелерин көзөмөлдөө боюнча иш чараларды күчөтүү.

## Кызматкерлер үчүн «киргизүү чыпкасын» уюштуруу:

– контактсыз термометр менен жумушка чейин кызматкерлердин дене табын өлчөө үчүн жооптуу адамды аныктоо, кызматкерлерден алардын үй-бүлө мүчөлөрүндө дем алуу белгилеринин (жөтөл, ысытма, алсыздык, баш оору ж.б.) бар же жок экендиги жөнүндө суроо (сурамжылоо) жана натыйжаларын Ден-соолук журналына жазуу;
– дене табы жогору жана жугуштуу оорунун белгилери бар адамдарды милдеттүү түрдө жумуштан бошотуу;
–бет кап режимин так сактоо. **Кызматкерлердин бет кап же респиратор кийип кирүүсүн катуу көзөмөлдөө;**




**! – бардык кызматкерлердин алгачкы ПЧР тестинен өтүүсүн уюштуруу. Тестин жыйынтыгы боюнча, ПЧР анализи оң болгон кызматкерлерди милдеттүү түрдө жумуштан бошотуу;**

– бир жолу колдонулуучу кол каптарды колдонуу, нөөмөттө кеминде эки жолу алмаштыруу;
– колдонулган бет каптарды жана кол каптарды (таштанды контейнерлеринде герметикалык жабык желим баштыктар менен) утилдештирүү;
–персоналды санитардык кийимдер менен камсыз кылуу, бир кишиге үч комплект, санитардык жана жеке кийимдерди сактоо үчүн өзүнчө бөлмө уюштуруу.




## Коноктор үчүн «киргизүү чыпкасын» уюштуруу:

– мекеменин кире беришинде, дезинфекциялоочу эритме менен сиңирилген дезинфекциялоочу килемди төшөө;
– кире бериште бардык коноктордун дене табын контактсыз термометр менен өлчөө;

**! –чакырылган коноктор жөнүндө маалыматка ээ болуу;**

– кире бериште, коноктордун жана кызматкерлердин колдорун спирт негизиндеги тазалоочу каражаттар менен тазалоо үчүн дубал же башка түрдөгү тазалоочу антисептик каражаттарын орнотуу;

**! – чакырылган коноктордо маскалардын болушуна катуу көзөмөлдү уюштуруу.**

**! Ушул санитардык талаптарды сактабаган учурда, HoReCa секторунун мекемелерине Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине ылайык административдик чаралар көрүлөт.**

## Бишкек шаарынын мэриясынын 2020-жылдын 30-ноябрындагы No113 «Коронавирустук инфекциянын (COVID-19) жайылышын алдын алуу чаралары» токтому

Кыргыз Республикасынын «Жарандык коргоо жөнүндө», «Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө» мыйзамдарына ылайык, КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 9-апрелиндеги No 197 «Кыргыз Республикасынын коомдук саламаттык сактоо тармагында чектөөчү/карантиндик чараларды киргизүүнүн жана ишке ашыруунун тартибин бекитүү жөнүндө», 2020-жылдын 26-ноябрындагы No 578 «Кыргыз Республикасында социалдык-экономикалык чөйрөнүн объектилеринин ишин жандандыруу жөнүндө» токтомуна ылайык, Бишкек шаарынын мэриясынын алдындагы Шаардык эпидемияга каршы жана эпизоотияга каршы комиссиянын 2020-жылдын 27-ноябрындагы No35 протоколунун негизинде, Бишкек шаарынын аймагында экономикалык ишмердүүлүктү калыбына келтирүү максатында, Бишкек шаарынын вице-мэри А. А.Чыныбаеванын 2020-жылдын 30-ноябрындагы Бишкек шаарынын мэриясынын «Коронавирус инфекциясынын (COVID-19) жайылышынын алдын алуу чаралары жөнүндө» токтомунун долбооруна берилген No ЧА11-10 / 1445 күбөлүгүн эске алуу менен, Бишкек шаарынын мэринин милдетин аткаруучу Б. З. Түлөбаев жарлык кылды:

1. Бишкек шаарынын аймагында массалык иш-чараларды өткөрүү токтотулсун.

2. Ишкердик субъекттери Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 11-майындагы No244 «Коронавирустук инфекциянын (COVID-19) жайылуу тобокелдиктерин азайтуу боюнча кошумча чаралар жөнүндө» токтому менен бекитилген «Коронавирустук инфекциянын (COVID-19) жайылышына жол бербөө иретинде санитардык-эпидемиологиялык талаптар» боюнча убактылуу санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди жана ченемдерди аткарууга ийиш.

3. Төмөнкү ишкердик субъектилерине кошумча талаптарды кою: – коомдук тамактануу жайлары, көңүл ачуучу мекемелер, жалпы орундардын 50% ашпаган өлчөмдө кылып, орундардын санын чектөө.

4. Бишкек шаарынын мэриясынын 2020-жылдын 1-июлундагы «Коронавирустук инфекция коркунучун азайтуу боюнча айрым чаралар жөнүндө» токтому, ошондой эле «Бишкек шаарынын мэриясынын токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Бишкек шаарынын мэриясынын токтому, «Коронавирустук инфекцияны жуктуруп алуу коркунучун азайтуу «2020-жылдын 3-июлундагы No 68, 2020-жылдын 3-августундагы No 77, 2020-жылдын 21-августундагы No 84, 2020-жылдын 28-августундагы No 87; Бишкек шаарынын мэриясынын 2020-жылдын 10-майындагы No 77-б, 2020-жылдын 1-июлундагы No 90-б, 2020-жылдын 10-августундагы No 119-б буйруктары күчүн жоготту деп табылсын.

5. Бул токтом 2020-жылдын 1-декабрында күчүнө кирет.

6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Бишкек шаарынын вице-мэри А.А.Чыныбаевага жүктөлсүн.

# Дезинфекция

**Милдеттүү түрдө аткарууга**



## Тамак-аш азыктарын ташуу үчүн унааларды зыянсыздандыруу


Ар бир азык-түлүк ташуудан кийин, унаа каражатын, ошондой эле ташуу учурунда колдонулган лотокторду, контейнерлерди, кутучаларды ж.б.у.с. дезинфекциялоо керек.



## Дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу менен нымдуу тазалоо иштерин жүргүзүү:

– дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу менен өндүрүштүк жайларды, ашкана жана ашкана жабдыктарын, столдорду, инвентарларды күн сайын ар бир 3–4 сатта нымдуу тазалоо менен камсыз кылуу зарыл. Ошону менен бирге эшиктин туткаларын (анын ичинде дааратканалар), столдун кармагычтарын, отургучтардын жөлөнгүчүн, цистерналарды, кол жуугуч раковиналарды ж.б. сүртүү керек;
– тазалоо иштери боюнча жооптуу адамга ишканадагы дезинфекциялык режимди күчөтүү, жана анын ичинде дезинфекциялоочу каражаттарды керектүү концентрацияда колдонуу боюнча көрсөтмө берүү;
– жок дегенде 5 күндүк дезинфекциялоочу каражаттар менен камсыз кылуу.

HoReCa секторунда сууну үнөмдөө:
Коронавируска жана экономикалык кризиске каршы күрөшүү мезгилинде ресурстарды — сууну, жылуулукту, электр энергиясын үнөмдөө өзгөчө мааниге ээ. Биз сунуш кылган жөнөкөй чаралар суунун 30% дан 50% га чейин үнөмдөөгө жардам берет:
*1) аэратору бар контактсыз аралаштыргыч (сууну 40% га чейин үнөмдөйт);*
*2) дааратканалардагы эки ирет тазалоо тутуму (сууну 30% га чейин үнөмдөйт);*
*3) душтагы заманбап суу куюучу идиштер — алардын ичиндеги учтуктардын саны кадимкидей болгондорго караганда көп, ал эми диаметри бир топ кичине (сууну 50% га чейин үнөмдөйт).*




– ачаардан мурун бүтүндөй ишканада кылдаттык менен дезинфекциялоо ишин жүргүзүү;
– тазалоо графигин бекитүү жана ар бир 2—3 саата иштетүүчү жумушчу бетин (эмерек, оргтехника) ошондой эле конокторду кабыл алгандан кийин дезинфекциялоочу каражаттар менен тазалоону камсыз кылуу ;
– ар бир келген коноктон кийин жалпы шаймандарды дезинфекциялоо (текшерүү баракчасына ылайык столдун бети, меню, туз, калемпир жана уксус идиштери, POS терминалдар жана башкалар.)

* Күн сайын жана жалпы жумушчу беттерди жана бөлмөлөрдү нымдуу тазалоо боюнча текшерүү тизмеси Тиркемеде

*POS терминалдар:* Коронавирустук инфекция учурунда, HoReCa сектору үчүн байланышсыз төлөм тутумун (NFC) колдонуу абдан пайдалуу болот. Картаны терминалга салуунун кажети жок, карта менен терминалдын маалымат алмашуусу радиоинтерфейс аркылуу жүрөт. «Тийдин жана кеттин»(tap & go) принциби. Ыкчам, оңой, коопсуз, байланыштар минималдаштырылган. Белгиленген чектен төмөн болгон төлөмдөр үчүн ПИН-кодду киргизүүнүн кажети жок, бул дагы ыңгайлуу жана иштин ылдамдыгын тездетет.


*Болмолорду, эмеректерди ж.б. дезинфекциялоо:* Электростатикалык чачыраткычтар мейманканалардын бөлмөлөрүн жана башка аймактарды тез жана контактсыз тазалоого абдан ылайыктуу. Ушундай чачыраткычтардын кичинекей учтары дезинфекциялоочу каражатты чачат, натыйжада бардык беттер, керебеттер, эмеректер, оргтехника ж.б. дезинфекцияланат.

Жайларды тазалоо жана дезинфекциялоо үчүн, COVID-19 коронавирусун камтыган, капталган вируска каршы активдүү дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу керек

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-Эпидемиологиялык Көзөмөлдөө департаменти (ООА жана МСЭК) атайын дезинфекциялык каражаттарды колдонууну сунуш кылбайт.

Бирок, дезинфекциялоочу каражаттардын мамлекеттик каттоодон өткөндүгү жөнүндө сертификаты, шайкештик жөнүндө декларациясы, аларды кандайча колдонуу керектиги жөнүндө көрсөтмөсү болушу керек.

**Мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүк –** бул өнүмдөрдүн коопсуздугун тастыктаган жана товарлардын бирдиктүү санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык талаптарга, ошондой эле Бажы бирлигинин Техникалык регламенттеринин талаптарына шайкештигин тастыктаган бирдиктүү үлгүдөгү документ.





Учурда ДССУ төмөнкү каражаттарды колдонууну сунуштайт:

- **көп жолу колдонулуучу шаймандарды дезинфекциялоо үчүн** (мисалы, термометрлер) ар бир колдонуудан мурун, 70% этил спирти менен арчуу;
- **беттерди дезинфекциялоо үчүн** 0,5% натрий гипохлоритин колдонсо болот.


## (IV) Коноктор үчүн жай

Милдеттүү түрдө аткарууга




### Аралыкты сактоо, адамдардын массалык жыйылуусуна жол бербөө:

– столдордун ортосундагы аралык 1,5—2 метр экендигин эске алуу менен ашканадагы столдорду 50 орундан ашык эмес жайгаштырууну камсыз кылуу;
– залдагы кардарлардын жалпы саны 50 адамдан ашпоосу керек. Бир столдо 1-2 адамдан ашык эмес жайгашуусу шарт.



– ашыкча столдорду жана отургучтарды, меймандардын кирүүсүнө жол бербөө үчүн алып салуу же коздолгон тосмо/лента менен тосуу;
– эгер мүмкүн болсо, бир компаниядан келген коноктордү бир дасторконго отургузуу үчүн тунук материалдан жасалган убактылуу дасторкон бөлүштүргүчтөрдү орнотуу керек;
– бир эле учурда тыныгуу бөлмөлөрүндө/тамеки тартуу бөлмөлөрүндө адамдардын санын чектөө;
– столдогу буюмдардын санын азайтуу, ашкана буюмдарын гана калтыруу, дасторконго кызматты коноктор келгенде гана кылуу.

## Коноктор үчүн жай

Милдеттүү түрдө аткарууга

### Коноктор үчүн жеке гигиена эрежелерин сактоо үчүн шарттарды түзүү, кире беришке дезинфекциялык тосмо уюштуруу:

– коомдук тамактануучу жайлардын кире беришинде кол тазалоочу каражаттарды орнотуу керек;
– ошондой эле кире бериш жерге дезинфекциялык килем төшөө керек;
– жуугучтарды жана дааратканаларды жеке гигиена каражаттары менен камсыз кылуу (суюк самын, кагаз же электр сүлгүлөр, дезинфекциялык эритмелер);
– кол жуу боюнча көрсөтмөлөрдү жайгаштырыңыз;
– колдонулган бет каптарды, кол каптарды (таштанды челектер, контейнерлер ж.б.) утилдештирүү үчүн шарттарды камсыз кылуу.

*Санитардык каражаттар жана суюк самын дозаторлору:* Суюк самын үчүн стандарттуу механикалык дозаторлордун ордуна, коноктордун беттер менен байланышын азайтуу жана микробдорду/вирустарды жуктуруп алуу тобокелдигин жок кылуу үчүн сенсордук диспенсерлерди (сенсордук контактсыз диспенсерлерди) колдонуу сунушталат. Заманбап көрүнүш, орнотууга оңой, колдонууга жеңил. Стандарттуу дозада самын же кол тазалагычын чыгаруу менен, тиричилик химиясына кеткен чыгымдарды төмөндөтөт.

**Санитардык кайгуулдун талабы!**

* Республика боюнча тынымсыз байланыш жана ишеним телефондору Тиркемеде

– мекеменин кире беришинде «Маскасыз кирбеңиз!» деген жазуу илиниши керек.;
– коноктордун дене табын өлчөөгө жооптуу адамды аныктоо;
– жооптуу адам контактсыз термометр менен кире бериште коноктордун дене табын текшерип турушу керек.

Эгерде коноктордун арасында дене табы көтөрүлүп, коронавирустук инфекцияга шектелген жөтөл белгилери бар адам аныкталса, анда:

– аны мекемеге киргизбөө;
– аны башка адамдардан бөлүү;
– андан ары тиешелүү чараларды көрүү жана эпидемияга каршы иш-чараларды өткөрүү үчүн мамлекеттик санитардык көзөмөлдүн аймактык органына, жана COVID-19 менен күрөшүү боюнча аймактык штабга ошондой эле көчмө бригадага дароо маалымдоо.

**Милдеттүү түрдө аткарууга**

* Маалымат материалдар жана Республика боюнча тынымсыз байланыш жана ишеним телефондору Тиркемеде

## Санитардык-агартуу иштерин жүргүзүү:

– коронавирустук инфекцияны алдын алуу чаралары жөнүндө плакаттарды илүү;
– тынымсыз байланыш жана маалымат кызматтары номерлерин илүү;
– коронавирустун алдын алуу чараларын үн күчөткүчтөр аркылуу (базарларда) такай билдирип туруу.

* Маалымат материалдарды басып чыгаруу (Тиркемеде) жана мекеменин кире беришине илип коюу

Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун (ДССУ) жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин «Коронавирус инфекциясынын COVID-19 жайылышын алдын алуу боюнча иш-чараларды» сактоо боюнча сунуштарын мекеменин кире беришине көрүнүктүү жерге жайгаштыруу.

Мүмкүн болсо, COVID-19 коронавирус инфекциясын алдын алуу чаралары жөнүндө расмий видеолорду экрандарда көрсөттүгө болот.

# (COVID-19) Эпидемиологиялык тобокелдиктин жогорулаган шарттарында туристтик иш-чараларды жүргүзүүгө талаптар

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2020-жылдын 29-майындагы No 352 жана Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин 2020-жылдын 29-майындагы No 192 «Коронавирус инфекциясынын (COVID-19) жайылышын алдын алуу боюнча санитардык-эпидемиологиялык талаптарды бекитүү жөнүндө» биргелешкен буйругун аткаруу милдеттүү *(документтин шилтемесин «Маалымат булактары» бөлүмүнөн караңыз).*

## Жалпы талаптар

Коронавирустук инфекцияны алдын-алуу боюнча негизги талаптар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 11-майындагы No 244 токтому менен бекитилген «Коронавирус инфекциясынын (COVID-19) жайылышын алдын алуу боюнча санитардык-эпидемиологиялык талаптар» убактылуу санитардык-эпидемиологиялык эрежелер жана ченемдер жөнүндө баяндалган жобонун жалпы талаптарын милдеттүү түрдө аткарылышы керек.

## (I) Кызматкерлер

**Милдеттүү түрдө аткарууга**

**Курорттордун, мейманканалардын башчыларына:**

– инфекцияны жуктуруп алуу коркунучун минималдаштыруу үчүн кызматкерлерди, адистештирилген транспорт менен алып келүү/жеткирүүнү уюштуруу керек
– кызматкерлердин арасында алардын жумуш ордунда жана сыртта коопсуздук чараларын сактоосу жөнүндө түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;
– кызматкерлер үчүн коопсуздук чараларын сактоо боюнча көрсөтмөлөрдү жайгаштыруу (көрүнүктүү жерлерде);
– кызматкерлер үчүн кире бериште дезинфекциялык килемдерди төшөө;
– кызматкерлер үчүн контактсыз (чыканактуу) тазалоочу каражаттарды орнотуу ыңгайлуу жерлерде), ошондой эле аларды колдонуу боюнча маалыматтык белгилерди илүү;
– кызматкерлерди атайын кийим менен камсыз кылуу (кеминде 2-3 комплект);
– коронавирустук инфекцияга каршы күрөшүү боюнча аймактык штабдын байланыш телефондору бар баннерлерди жайгаштыруу;
– кызматкерлердин жана эс алуучулардын дене табын өлчөө үчүн жооптуу адамды аныктоо.


* Маалымат материалдар жана Республика боюнча тынымсыз байланыш жана ишеним телефондору Тиркемеде

* Республика боюнча тынымсыз байланыш жана ишеним телефондору Тиркемеде

**Эгерде кызматкерлердин арасында дене табы көтөрүлүп, коронавирустук инфекцияга шектелген жөтөл белгилери бар адам аныкталса, анда:**

– аны башка адамдардан бөлүү;
– тиешелүү чараларды көрүү жана эпидемияга каршы иш-чараларды өткөрүү үчүн мамлекеттик санитардык көзөмөлдүн аймактык органына, жана COVID-19 менен күрөшүү боюнча аймактык штабга ошондой эле көчмө бригадага дароо маалымдоо.

**Милдеттүү түрдө аткарууга!**



**Тобокелдик тобуна таандык болгон адамдардын коронавирус инфекциясын жуктуруп алуусун алдын алуу:**
– тобокелдик тобуна кирген кызматкерлерге (бул 60 жаштан ашкан адамдар, кош бойлуу аялдар, онкологиялык оорулуулар, трансплантациядан кийинки бейтаптар, өнөкөт респиратордук оорулар менен ооруган адамдар), эпидемиологиялык кырдаал жакшырганга чейин, жумушка барбоону сунушташат.

**Кызматкерлердин ортосундагы аралыкты сактоо, адамдардын массалык чогулушуна жол бербөө:**
– Кызматкерлердин ортосунда 1,5–2 метр аралыктын сакталышын камсыз кылуу, жана бул чаранын аткарылышын көзөмөлдөө.

**Милдеттүү түрдө аткарууга!**

* Ден-соолук журналынын формасы (текшерүү тизмеси) Тиркемеде

**«Киргизүү чыпкасын» уюштуруу:**

– күн сайын (күнүнө кеминде 2 жолу) контактсыз термометр менен кызматкерлердин дене табын өлчөө жана текшерүү баракчасында дене табынын ченемден четтөөсүн көрсөтүү керек;
– кызматкерлерде, же алардын үй-бүлө мүчөлөрүндө дем алуу белгилери (жөтөл, ысытма, алсыроо, баш оору ж.б.) болсо, иштөөгө уруксат бербөө;
– кызматкерлер өз милдеттерин аткарууда бет кап кийиши керек;
– кызматкерлерди кол тазалоочу каражаттар жана беттерди дезинфекциялоочу каражаттар менен камсыз кылуу зарыл;
– тамактануу үчүн ашкана жок болгон учурда кызматкерлерге жумуш ордунда тамак ичүүгө тыюу салуу;
– кызматкерлердин тамактануусу үчүн атайын бөлмө бөлүп, кол жууганга раковина менен жабдуу (ысык суу менен камсыз кылуу) жана тазалоочу каражат менен камсыз кылуу.

Милдеттүү түрдө аткарууга!

**Жеке гигиена эрежелерин сактоо үчүн шарттарды түзүү:**

– кызматкерлерди жеке гигиена каражаттары менен камсыз кылуу (суюк самын, сүлгүлөр, дезинфекциялык эритмелер жана салфеткалар, кол антисептиктери);
– кызматкерлерди жумуш ордунда жүргөндө кийип жүрүүгө зарыл болгон жеке коргонуу каражаттары (бет каптар, респираторлор, кол каптар) менен камсыз кылуу;
– кызматкерлерди комбинезон, фартук, халат менен камсыз кылуу (кеминде 2—3 комплект);
– кийинүү бөлмөсүн (эгер ал жок болсо), кызматкерлердин атайын кийими жана жеке сырткы кийимдери үчүн жеке шкафтарды уюштуруу.

Милдеттүү түрдө аткарууга!

* Бет каптарды колдонуу боюнча постерлер Тиркемеде

**Бет каптарды кантип туура колдонуу жана утилдештирүү керек:**

– колуңузду жууңуз, эгер андай мүмкүнчүлүк болбосо, колуңузду дезинфекциялоочу каражат/спирт камтыган антисептик менен тазалаңыз;
– кылдаттык менен бет капты мурунду жана оозду толук жапкандай кылып кийгенде, бет менен бет каптын ортосундагы ажырым азаюусу керек;
– колдонуу учурунда бет капка колуңуз менен тийбеңиз;
– Колдонулган бет капка тийгенден кийин, мисалы, аны чечкенде, колду жуу керек;
– бет кап нымдалып же булганып калган учурда, аны таза жана кургак жаңы бет капка алмаштыруу зарыл.

**Бир жолу колдонулуучу бет капты кайра колдонууга болбойт!**
Бет капты чечкенден кийин дароо ыргытуу керек.

– бир жолу колдонулуучу бет каптарды **дезинфекциялоочу эритме менен тазалагандан соң** кадимки таштандылар менен кошо жалпы таштанды челегине ыргытууга уруксат берилет.

# (II) Курулуш жана өндүрүш объекттери:
## кантип дезинфекциялоо керек




**Имаратка жана жайга карата талаптар:**

– туристтик объектилерди жумушка даярдоону баштоодон мурун, бардык жайларды жуугуч жана дезинфекциялык каражаттарды колдонуу менен жалпы тазалоо иштерин жүргүзүү керек.

**Аймакта жана имаратта:**

1) чектеш аймакты, ошондой эле аймакта жайгашкан бардык имараттарды жана курулмаларды дезинфекциялоо;
2) желдетүү тутумун тазалоо, анын иштешинин эффективдүүлүгүн текшерүү;
3) жумшак эмеректерди, матрацтарды, жаздыктарды, жууркандарды дезинфекциялоо;
4) эс алуу уюмунун аймагында эс алуучулар тарабынан коргоочу шаймандарды (бет каптар, кол каптар, кол тазалоочу каражаттары) сатып алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу;
5) имараттын кире беришине жана ар бир кабатына тазалоочу каражаттарды орнотуу;
6) таштанды объектинин аймагынан үзгүлтүксүз чыгарылышын камсыз кылуу, анын топтолушуна жол бербөө.



**Жок дегенде** 5 күндө **1 жолу**

**Имараттын ичинде:**

– бардык бөлмөлөрдө нымдуу тазалоо жуучуу, тазалоочу жана дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу менен күнүнө кеминде 2 жолу жүргүзүлүүгө тийиш;

– коттеджердин, уктоочу бөлмөлөрдүн жалпы тазалоосу, эс алуучулар жайларды бошоткондон кийин жүргүзүлүүгө тийиш (эгер конок узак мөөнөткө токтогон болсо анда 5 күндө бир жолудан кем эмес). Дубалдары, полу, плинтусу, эшиктери, эмеректери жана жабдуулары дезинфекциялык эритмелер менен жууп тазаланат;
– жалпы пайдалануудагы жерлерде (даараткканаларда, душта) нымдуу тазалоо жана дезинфекциялоо 2 саатта бир жолудан кем эмес жүргүзүлүүгө тийиш;

*Аба рециркулятору:* Борбордон ажыратылган бактерициддик рециркулятор вирустардын 99,9% га чейин өлтүрөт. Ал мобилдүү, аны бөлмөдөн бөлмөгө алып жүрүү оңой. Рециркуляторлордун иштөө принциби төмөнкүчө: кирүүчү камерага орнотулган желдеткичтер желдетүү тешиктери аркылуу рециркуляторго кирген аба агымын үйлөп турушат. Андан соң, атмосфералык аба бактерициддик лампалар менен ультрафиолет нурлануусуна дуушар болуп, дезинфекцияланып, чыгуу камерасында жайгашкан атайын тешиктер аркылуу чыгат. Рециркулятордун иштешинин шарты ачык терезе аркылуу, таза аба менен тынымсыз камсыз кылуу.




– кол жууга байланыштуу көрсөтмөлөрдү жайгаштыруу;
– коридорлордо (кабаттарда) аба рециркулятору менен камсыз кылуу;
– Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан иштелип чыккан коронавирустук COVID-19 инфекциясы жөнүндө маалыматтык жана билим берүүчү материалдарды мекемелерде жайгаштыруу.


* Кол жуу эрежелери Тиркемеде

* Маалымат материалдар Тиркемеден

*HoReCa секторунда электр энергиясын үнөмдөө:* Мейманканалардын бөлмөлөрү ар кандай электр шаймандары менен жабдылган (кондиционерлер, сыналгылар ж.б.). Коноктор электр энергиясын өз кызыкчылыгы үчүн дагы, натыйжасыз дагы пайдаланышы мүмкүн: мисалы, кондиционерди ачык терезелери же балкондору менен жандырышат, сейилдөөгө чыкканда сыналгыны же бөлмөлөрдүн жарыгын өчүрүүнү унутушат ж.б. Мейманканалар үчүн мындай «ашыкча чыгымдарды» (жана эсептер боюнча төлөмдөрдү) азайтуу боюнча натыйжалуу чечим төмөнкүлөр болот: 1) энергияны үнөмдөөчү жабдууларды сатып алуу - электр энергиясын мүмкүн болушунча төмөнкү деңгээлде колдонуу (кубаттуулугун сактоо менен). Мисалы, А класстагы жаңы муундагы кондиционерлер энергияны 50% га чейин үнөмдөйт;
2) интеллектуалдык энергияны үнөмдөөчү өчүргүч. Бөлмөдөгү бардык электр шаймандарын ачкыч картасы энергияны үнөмдөөчү өчүргүчкө салынган шартта колдонууга болот. Карточка алынары менен (конок бөлмөдөн чыгып кетиши менен), 10—30 секунддан кийин электр энергиясы өчүрүлөт.

**Милдеттүү түрдө аткарууга!**





**Жээк аймагына жана анын айланасына коюлган талаптар:**

– пляж жабдууларын (шезлонгдор, кийим чечүүчү бөлмөлөр, бут жуугучтар ж.б.) социалдык дистанция принцибине ылайык орнотуу керек, эгер мүмкүн болсо, сигналдык белгилерди колдонуу керек;
– аралыктын принцибин сактоо үчүн пляждын сыйымдуулугун эсептөө керек;
– суу транспорту менен саякаттарды, экскурсияларды аралыкты сактоо талабын эске алуу менен уюштуруу;
– кемеде круиздерди аралык жана бет кап режимине ылайык жүргүзүү.





– эс алуу жайынын жанындагы аймакта балдар ойноочу аянтчалар, отургучтар, беседкалар, кол чатырлар, аттракциондор, таштанды челектер, кармагычтар, банк терминалдары жана эшик туткалары дезинфекцияланууга тийиш.

Дезинфекция сугаруу ыкмасы менен жүргүзүлөт.

**Милдеттүү түрдө аткарууга**

**Калктын эс алуучу жайларында тамактанууга коюлган талаптар:**

* Идиш-аякты жууп тазалоо боюнча көрсөтмөлөр Тиркемеде

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги No 201 токтому менен бекитилген «Коомдук тамактануучу жайларга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар» санитардык-эпидемиологиялык эрежелери жана ченемдери.

Ошондой эле, коомдук тамактануу жайларында Убактылуу санитардык эрежелерди ишке ашыруу боюнча талаптар иштелип чыккан *(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 11-майындагы No 244 токтомунун шилтемесин «Маалымат булактары» бөлүмүнөн караңыз).*

– тамактануучу бөлмөлөрдөгү, коомдук тамактануучу жайлардын өндүрүштүк жана сактоочу жайларындагы абаны дезинфекциялоо үчүн, адамдардын катышуусунда колдонууга уруксат берилген абаны дезинфекциялоочу жабдууларды орнотуу керек;
– мүмкүн болсо, бир жолу колдонулуучу идиш-аякты колдонуу;
–көп жолу колдонулуучу идиш-аякты колдонууда, аны дезинфекциялоо зарыл;
– идиш-аякты жуу жана тазалоо боюнча көрсөтмөлөрдү жайгаштыру керек.

## (III) Эс алуучулар


**Милдеттүү түрдө аткарууга!**



**Эс алуучуларды ташуу жана ташуу боюнча талаптар:**

– эс алуучуларга жеке унааларын колдонуу сунушталат;
– туристтер такси же башка коомдук транспорттордун кызматын колдонсо (поезддер, автобустар, кичи автобустар), транспорттун айдоочулары жана туристер дезинфекциялык режим (бет кап жана кол кап кийип, антисептиктерди колдонуу) сыяктуу убактылуу санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди сактоого милдеттүү; ар бир сапардан кийин унааларды тазалоо; эпидемиологиялык жагымсыз кырдаалга карата каралган орундар менен гана отуруу.

Милдеттүү түрдө аткарууга!





**Эс алуу жайларында аралыкты сактоо, адамдардын массалык чогулуусун алдын алуу:**

– коноктордун арасында 1,5 – 2 метр аралыкты камсыз кылуу, кезектерди жаратпоо, мекеменин фойесинде адамдардын топтолушуна жол бербөө, жана ушул иш-чаралардын аткарылышын көзөмөлдөө;
– эс алуучулар үчүн кире бериште дезинфекциялык килемдерти төшөө;
– коноктордун байланыш маалыматын чогултуу жана дене табын өлчөө;
– бир эле учурда тыныгуу бөлмөлөрүндө/тамеки тартуу бөлмөлөрүндө адамдардын санын чектөө;

**Өлкөдө эпидемиологиялык абал жакшырмайынча, жабык бөлмөлөрдө маданий-көңүл ачуучу иш-чараларды өткөрүүгө тыюу салынат!**

Милдеттүү түрдө аткарууга!



**1 адамга**
кеминде 6 м$^2$

* Республика боюнча тынымсыз байланыш жана ишеним телефондору Тиркемеден

**Эс алуучуларды кабыл алуудагы талаптар:**

– эс алуучуларды каттоо учурунда, жана коомдук жайларда топтолушуна жол бербөө;
– бөлмөгө бирден ашык эмес эс алуучуну жайгаштыруу (эгерде эс алуучулар бир үй-бүлөнүн мүчөсү болбосо), ал эми 1 адамга ылайыкталган аянт кеминде 6 кв. метр түзүүсү керек;
– эс алуучулардын дене табын күн сайын контактсыз термометр менен өлчөп турушу керек.

**Эгерде эс алуучулардын арасында коронавирустук инфекцияга шектелген (жөтөл, жогору дене табы) белгилери аныкталса, анда:**

– аны башка адамдардан бөлүү;
– мамлекеттик санитардык көзөмөлдүн аймактык органына жана коронавирустук инфекцияга каршы күрөшүү боюнча аймактык штабга дароо маалымдоо, ошондой эле мындан ары тиешелүү чараларды көрүү жана эпидемияга каршы чараларды көрүү үчүн көчмө бригаданы чакыруу.

**Милдеттүү түрдө аткарууга!**

**Коомдук тамактануунун талаптары:**

– эс алуучулардын бири-бири менен болгон байланышын мүмкүн болушунча чектөө максатында, тамактанууну бөлмөлөрдө уюштуруу сунушталат;
— эгерде эс алуучулардын тамагы ашканада/кафеде/ресторанда уюштурулса, анда кеминде 1,5—2 м аралыкта дасторкон жайып туруу керек. Ошол эле учурда, эс алуучулар бир үй-бүлөнүн мүчөлөрү болуп, бир бөлмөгө жайгашып калган учурларды эске албаганда, дасторкондо 1 адамдан көп эмес болушу керек;
— бир учурда залга келгендердин жалпы саны 50 адамдан ашпашы керек. Жалпы кардарлардын саны залда жайгашкан орундуктардын санынын 50% ашпоосу керкек.

**Милдеттүү түрдө аткарууга!**

* Маалымат материалдар Тиркемеде

**Санитардык-агартуу иштерин жүргүзүү:**

– эс алуучуларга жеке жана коомдук гигиенанын эрежелерин сактоо менен коронавирус инфекциясын жуктурбоо максатында алдын алуу иш-чараларын жүргүзүү жөнүндө маалымдоо зарыл: бет кап кийүү; колду самын менен дайыма жууп туруу; күн бою колду антисептик менен тазалоо, айрыкча ажатканага барган сайын;
— коронавирустук инфекцияны алдын алуу чаралары жөнүндө плакаттарды илип коюу;
— Кыргызстандын аймагында иштеп жаткан ишеним телефондорун жана тынымсыз байланыш номерлерин илип коюу.

## Санитардык кайгуул

2020-жылдын 11-майында Бишкек, Ош, Жалал-Абад шаарларына жана Нарын облусунун Ат-Башы районуна COVID-19 Коронавирус пандемиясына байланыштуу киргизилген өзгөчө абал режими алынды. Ал эми 2020-жылдын 22-мартында жалпы өлкө боюнча киргизилген өзгөчө кырдаал режими кала берет. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 11-майындагы No 244 токтому менен өндүрүш, кызмат көрсөтүү, анын ичинен коомдук тамактануу, соода чөйрөсүндө иш жүргүзгөн, экономикалык иштин уруксат берилген башка түрлөрү менен алектенген жеке жана менчигинин түрүнө карабастан юридикалык жактар үчүн Убактылуу санитардык-эпидемиологиялык эрежелер жана ченемдер «Коронавирустук инфекциянын (COVID-19) жайылышына жол бербөө боюнча санитардык-эпидемиологиялык талаптар» (мындан ары — **Убактылуу санитардык эрежелер**) бекитилген.

HoReCa Club Ассоциациясы көпчүлүк рестораторлордун жана мейманканалардын көпчүлүгүнүн Убактылуу санитардык эрежелерди ар кандай чечмелөөсүнө жана түшүнүүсүнө байланышкан маселелер талкууланган мамлекеттик деңгээлдеги мамлекеттик органдар менен жолугушууларга активдүү катышты. Ошондой эле, HoReCa Club Ассоциациясы Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2020-жылдын 29-майындагы No 352 жана Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин 2020-жылдын 29-майындагы No 192 «Коронавирус инфекциясынын (COVID-19) туризм сферасында жайылышын алдын алуу боюнча санитардык-эпидемиологиялык талаптарды бекитүү жөнүндө» биргелешкен буйругун иштеп чыгууга катышкан».

Экономикалык иш-аракеттерди жандандыруунун биринчи күндөрүнөн тартып эле, Санитардык кайгуул HoReCa секторунун ээлерине Убактылуу Санитардык Эрежелерди сактабагандыгы үчүн айып пул сала баштады.

Санитардык рейддердин жүрүшүндө санитардык эрежелердин бузуулары аныкталган, Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 293-беренесине ылайык «Ыйгарым укуктуу органдын чечимин, буйругун, же талабын аткаруу тартибин бузуу» боюнча протоколдор түзүлгөн **2-категориядагы айып.**

## Кыргыз Республикасынын «Бузуулар жөнүндө» кодексинен

### 2017-жылдын 13-апрелиндеги No 58

**27-берене. Айып пул**

*1. Айып пул акчалай жаза чарасы болуп саналат,* бузууларды жасагандыгы үчүн жеке жана юридикалык жактарга ушул Кодексте белгиленген учурларда, өлчөмдө жана тартипте салынат.

*2. Айып пул эсептик көрсөткүчтөр менен эсептелет.* 2006-жылдын 1-январынан тартып эсептелген көрсөткүчтүн өлчөмүнүн суммасы **айына 100 сом** деп белгиленет.

*3. Айып пул өлчөму боюнча төмөнкүдөй сегиз категорияга бөлүнөт:*

119—120—1, 128 жана 130—135-беренелерди кошпогондо, 19-главада каралган бузуулар үчүн юридикалык жактарга карата жеке жактар үчүн көрсөтүлгөн айып пулдардын өлчөмдөрү колдонулат.

217-берененин 3-бөлүгүндө, 242-берененин 2-бөлүгүндө каралган бузуулар үчүн юридикалык жактарга карата жеке жактар үчүн көрсөтүлгөн айып пулдардын өлчөмдөрү колдонулат.

*1) 1-категориядагы айып пул:*
жеке адамдар үчүн — 10 эсептик көрсөткүч,
юридикалык жактар үчүн — 50 эсептик көрсөткүч;

*2) 2 категориядагы айып пул:*
жеке адамдар үчүн — 30 эсептик көрсөткүч,
юридикалык жактар үчүн — 130 эсептик көрсөткүч;

*3) 3-категориядагы айып пул:*
жеке адамдар үчүн — 55 эсептик көрсөткүч,
юридикалык жактар үчүн — 170 эсептик көрсөткүч;

*4) 4-категориядагы айып пул:*
жеке адамдар үчүн — 75 эсептик көрсөткүч,
юридикалык жактар үчүн — 230 эсептик көрсөткүч;

*5) 5-категориядагы айып пул:*
жеке адамдар үчүн — 100 эсептик көрсөткүч,
юридикалык жактар үчүн — 280 эсептик көрсөткүч;

*6) 6-категориядагы айып пул:*
жеке адамдар үчүн — 125 эсептик көрсөткүч,
юридикалык жактар үчүн — 350 эсептик көрсөткүч;

*7) 7-категориядагы айып пул:*
жеке адамдар үчүн — 150 эсептик көрсөткүчтө,
юридикалык жактар үчүн — 450 эсептик көрсөткүч;

*8) 8-категориядагы айып пул:*
жеке адамдар үчүн — 175 эсептик көрсөткүч,
юридикалык жактар үчүн — 550 эсептик көрсөткүч.

Көчмө бригадалар Бишкек шаарынын административдик райондорунун жана муниципалдык-аймактык башкармалыктарынын (МАБ), Бишкек шаарынын Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунун (МСЭКБ), Бишкек шаарынын Санитардык-экологиялык инспекциясынын (СЭИ) жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин аймактык бөлүмдөрүнүн ыйгарым укуктуу адистери кирген курам менен санитардык рейддерди жүргүзүүдө.

Кыргыз Республикасынын региондорунда, санитардык рейддерди жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаментинин ыйгарым укуктуу аймактык өкүлдөрү жүргүзүшөт.

Күздүн келиши менен Бишкек шаарындагы эпидемиологиялык кырдаал курчуп жаткандыгына байланыштуу коомдук тамактануу жайларынын ишин көзөмөлдөө чаралары күчөтүлдү.

Бишкек шаарынын Жарандык коргонуу боюнча комиссиясынын төрагасы, вице-мэр А. Э. Алымкулов 2020-жылдын 11-сентябрындагы No14 буйрукка кол койду.

**«Бишкек шаарынын аймагында чектөө чаралары (карантин) учурунда коомдук тамактанууну жайлардын ишин контролдоо боюнча чараларды күчөтүү жөнүндө»**

«Чектөө иш-чараларынын (карантиндин) талаптарынын (эрежелеринин) бузулушуна жол берилбестиги жөнүндө билдирүү» тиркемеси менен

2020-жылдын 11-сентябрынан баштап Бишкек шаарынын райондук акимиаттарынын, Бишкек шаарындагы Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунун (МСЭКБ), Санитардык-экологиялык инспекциянын (СЭИ) жетекчилери коомдук тамактануу жайларынын, анын ичинде кафе жана ресторандардын ишин көзөмөлдөө боюнча иштерин күчөтүштү.

- Өзгөчө кырдаалдар (карантин) мезгилинде чектөөлөр сакталбаган фактылар аныкталса, айып пул салуу менен мыйзам бузуулар эки жолу аныкталган учурда Кыргыз Республикасынын **Бузуулар жөнүндө кодексинин 150 жана 293-беренелерине ылайык** материалдар Бишкек шаардык ички иштер башкармалыгына өткөрүлүп берилет.
- Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 127—1-беренесинде жана Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 280-беренесинде каралган жоруктар/кылмыш фактылары аныкталган учурларда иш-чаралар Кыргыз Республикасынын жазык-процесстик мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

! Биринчи ирет эреже бузуу үчүн айып пул салуу, экинчи ирет эреже бузуу үчүн - айып пул салуу жана жоруктар жана/же кылмыш иштери боюнча сотко чейинки өндүрүштү козгоо.

! **Жогорудагы чаралар атайын буйрук чыкканга чейин колдонулат,** башкача айтканда, Бишкек шаарында эпидемиологиялык абал жакшырмайынча, **жана менчигинин түрүнө карабастан бардыгы үчүн милдеттүү.**

## Санитардык кайгуулга кайсы уюмдардын өкүлдөрү кирет?

- **Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору** (МСЭКБ) Бишкек шаары санитардык-эпидемиологиялык бакубаттуулукту камсыз кылат жана санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдү жүзөгө ашырат.

Жер-жерлерде, булар Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин **Оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаментинин** региондук борборлору (департаментин вебсайтындагы «Биздин регионалдык борборлор» бөлүмдү караңыз, жогорку оң жак).

• **Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги** өзүнүн аймактык бөлүмдөрү — аймактык ички иштер башкармалыгы (АИШБ) аркылуу эрежелердин сакталышын көзөмөлдөйт.

• Кыргыз Республикасынын **Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары** — Кыргыз Республикасынын **административдик-аймактык бөлүүгө ылайык**

• **Санитардык-экологиялык инспекция (СЭИ)** — Бишкек шаарынын мэриясынын бөлүмү. Ал Бишкек шаардык Кеңешинин 2009-жылдын 30-июнундагы No77 токтомунун тиркемеси болгон Бишкек шаарын көрктөндүрүү эрежелеринин негизинде иштейт. Жогоруда аталган токтомдун 1.7-пунктуна ылайык, Бишкек шаарынын мэриясынын СЭИ бардык жарандар тарабынан шаардын санитардык абалын, тазалыгын жана тартибин, ошондой эле таштандыларды чогултуу жана чыгаруу боюнча эрежелерди сактагандыгын көзөмөлдөйт.

Бишкек шаарынын мэриясы тарабынан кабыл алынган 2020-жылдын 29-июнундагы No101-р буйрукка ылайык, мэриянын муниципалдык аймактык башкармалыктарынын кызматкерлери мыйзам бузуулар жөнүндө протоколдорду түзүүгө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзам бузуулары жөнүндө Кодекстин 293-беренесинде каралган учурларда жаза колдонууга укуктуу.

## Санитардык кайгуул тарабынан ишкананы текшерүү алгоритми:

1. Санитардык кайгуул рейддик планга ылайык же ишкананын үстүнөн келип түшкөн Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизинде, буйруксуз өзгөчө кырдаалдарда рейддерди жүргүзөт. **«Жарандык коргоо жөнүндө»** 2018-жылдын 24-майындагы No 54, КР Өкмөтүнүн учурдагы токтомдору жана буйруктары, COVID-19 боюнча Кыргыз Республикасынын Штабынын, Бишкек шаарынын Жарандык коргоо боюнча комиссиясынын, Бишкек шаарынын мэриясынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын буйруктары, токтомдору, протоколдору.
2. Санитардык кайгуулдун өкүлдөрү фамилияларын, аттарын жана атасынын аттарын, ошондой эле кайсы уюмдардан келгендигин көрсөтүү менен өзүн тааныштырышы керек. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн катышуусу мүмкүн.
3. Эгерде санитардык эрежелердин бузулушу аныкталса, анда санитардык кайгуулдун ыйгарым укуктуу өкүлү оозеки эскертүү бербестен протоколду толтурат – бекитилген отчеттуулук формасы. Санитардык кайгуулдун кызматкерлери тарабынан санитардык эрежелердин бузулушун фото жана видео тасмага түшүрүүгө болот.
4. Кафелердин, ресторандардын, коомдук тамактануучу жайлардын иштөө режимин (графигин) текшерүү.

5. Мекеменин кире беришинде «Маскасыз кирүүгө болбойт!» деген жазуу илиниши керек.

6. Ошондой эле, «кирүү чыпкасынын» бардык атрибуттары болушу керек, тактап айтканда, дезинфекциялык килем, кызматкерлер/коноктор үчүн тазалоочу каражат, кызматкерлердин/коноктордун дене табын контактсыз термометр менен өлчөө, бет кап режими, маалымат белгилери жана башкалар Убактылуу санитардык эрежелерге ылайык.

7. Санитардык кайгуул ошондой эле кызматкерлердин ден-соолук журналын текшерет.

8. Мекемедеги жайлардын желдетилишин текшерет. Талапка ылайык, бөлмөнү желдетүү тутуму жок болгон учурда күнүнө 15 мүнөттөн кеминде 4-5 жолу желдетип туруу керек.

**Текшерүүчүлөр мекемелерге аба рециркуляторлорунун же бактерициддик лампалардын жоктугу үчүн айып пул салбайт!** Бул жабдуу мүмкүнчүлүккө карай сатып алынып, орнотулат.

9. Ошондой эле, Санитардык кайгуул төмөнкүлөрдү текшерүүгө милдеттүү:

Кызматкерлердин/коноктордун социалдык аралыкты сактоосу, бет кап режими, бир жолу колдонулуучу кол каптарды колдонуу, андан кийин бет каптарды жана кол каптарды утилдештирүү. Текшерүүчүлөр коноктор бет кап кийип тамак жей албастыгын түшүнүшөт, андыктан тамак ичип жатканда коноктун маскасы анын жанында болушу мүмкүн.

10. Мекемедеги жалпы орундардын саны 50 орундан ашпашы керек. Столдордун жайгашуусу жана аралыгы кеминде 1,5 метр.

11. Эгерде мекемеде эки башка бөлмө жана бир эле мезгилде конокторду кабыл алуу үчүн жайкы жай болсо, жана ал бөлмөлөрдүн бардыгыга бир гана ашкана болгон учурда, жалпы орундардын саны 50 орундан ашпашы керек.

12. Кызматкерлер жана коноктор үчүн бардык жуунуучу жайларда жана даараткааналарда жеке гигиена каражаттарынан тышкары (суюк самын, кагаз сүлгү же электр сүлгү) тазалоочу каражаттар (мүмкүн болсо чыканак менен колдонулуучу) орнотулуп, кол жуу боюнча көрсөтмөлөр илиниши керек.

13. Бардык жайлардын, анын ичинде кийинүү бөлмөсүнүн жана мекемеге чектеш аймактын санитардык абалын текшерүү.

14. Учурдагы нымдуу тазалоо жана бардык беттерди, бардык бөлмөлөрдү жана анын айланасын, ошондой эле колдонгон унааларды талап кылынган концентрациядагы сертификатталган дезинфекциялоочу каражаттарды жалпы тазалоо үчүн текшерүү барактарын текшерүү. Жана иш жүзүндө жүргүзүлүп жаткан тазалоону текшерүү барактын негизинде текшерүү.

15. Идиштерди жууда, сертификатталган дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуп жаткандыгын текшерүү. Жуу бөлмөлөрүндө, идиш жууган эрежелер жана колдонулган шаймандар жөнүндө, жуугуч жана дезинфекциялык каражаттардын концентрациясы жана көлөмү көрсөтүлгөн көрсөтмөлөр илиниши керек.

16. Бышыруу технологиясын текшерүү.

17. Дезинфекциялоочу каражаттардын көлөмүн 5 күндөн кем эмес убакытка жетүүсүн текшерүү.

18. Санитардык-агартуу иш-чараларын өткөрүүнү текшерүү.

19. Андан кийин - коомдук тамактануу жайларына, ошондой эле колдонуудагы ченемдик укуктук актылардын алкагында, убактылуу талаптарга ылайык туристтик иш-чараларды жүргүзүү.

## Санитардык кайгуул бир уюмга бир нече жолу айып пул салууга жана HoReCa тармагындагы ишканаларды жабууга укуктуубу?

Мыйзам бузуулар аныкталганда санитардык кайгуул административдик укук бузуулар жөнүндө **протоколдорду түзүүгө ыйгарым укуктуу,** ошону менен текшерилген субъектилерге **айып пул салууга.**

2020-жылдын 11-сентябрынан баштап, КРнын Бузуулар жөнүндө кодексинин 150 жана 293-беренелерине ылайык айып пул салуу менен өзгөчө кырдаал учурунда мыйзам бузуулар эки ирет аныкталган учурда, материалдар Бишкек шаардык ички иштер башкармалыгына өткөрүлүп, Кылмыш-жаза кодексинин 127—1-беренесине ылайык КР «Чектөөчү чаралардын (карантин) талаптарын (эрежелерин) бузуу» жана Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 280-беренеси «Санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди бузуу» кылмыш ишин козгоого болот.

*Бирок, Санитардык кайгуул тигил же бул уюмду жабууга укугу жок!*

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине ылайык, юридикалык жак ыктыярдуу түрдө анын уюштуруучуларынын (катышуучуларынын) чечими же соттун чечими менен жоюлушу мүмкүн.

## Текшерүүнүн субъектилери кантип өз укуктарын коргой алышат?

Эгерде санитардык кайгуул инспекциясы негизсиз жүргүзүлсө, алардын укуктарын коргоо үчүн текшерүүнүн субъектилери административдик даттанууга укуктуу.

Бузуулар жөнүндө кодекстин 330-беренесине ылайык, мыйзам бузуу жөнүндө ишти карап, ыйгарым укуктуу орган жаза колдонуу жөнүндө иш боюнча токтом чыгарат.

Мыйзам бузулган учурда ыйгарым укуктуу органдын мындай чечимине мыйзам бузуу үчүн жоопко тартылган адам, жабырлануучу, ошондой эле алардын райондук (шаардык) сотундагы мыйзамдуу өкүлү даттанылышы мүмкүн.

Белгиленген мөөнөттү өткөрүп жиберүүнүн жүйөлүү себептери болуп, документтер менен тастыкталган адамдын оорусу, командировкада жүрүшү, табигый кырсык ж.б. саналат ж.б. (Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 332-беренеси).

Талаштын бир тарабы административдик орган болгондуктан, иш боюнча талаш административдик жол менен каралышы мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө Мыйзамынын 61-беренесине ылайык, арыз ээси жана кызыкдар адам өз укуктарын коргоо максатында, административдик акт жеткирилген күндөн тартып 30 жумушчу күндүн ичинде кабыл алынган административдик актыга административдик даттануу менен административдик актыларга даттанууга укуктуу.

Административдик органдын административдик актысына, аракетине же аракетсиздигине административдик (сотко чейинки) тартипте, андан кийин сот тартибинде даттанылат. Административдик даттанууну берүү административдик даттануу боюнча административдик органдын чечими күчүнө киргенге чейин талашылып жаткан административдик актынын аткарылышын токтото турат.

Административдик актыга карата административдик даттануу талашылып жаткан административдик актыны кабыл алган административдик органга же жогору турган административдик органга берилиши мүмкүн.

Даттануунун негизинде жүргүзүлгөн административдик жол-жобо даттануу административдик органда катталган күнү башталат. Административдик даттанууну кароонун жыйынтыгы боюнча чечим кабыл алынат.

Өз кезегинде, бул чечим административдик өндүрүш тартибинде сотко даттанылышы мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Административдик процесстик кодексинин 108-беренесине ылайык, административдик доо биринчи инстанциядагы сотко (райондук соттorго) жазуу жүзүндө арыз берүү жолу менен берилет. Административдик доо сотко административдик даттануу боюнча административдик органдын чечими мыйзамдуу күчүнө кирген күндөн тартып 3 айдын ичинде берилет.

# COVID 19: КООМДУК ТРАНСПОРТТО КОРОНАВИРУС ИНФЕКЦИЯСЫНЫН ЖАЙЫЛУУСУНА БӨГӨТ КОЮУ ЧАРАЛАРЫ

**УРМАТТУУ ЖҮРГҮНЧҮЛӨР!**
**Коомдук транспортто СИЗДЕР үчүн максималдуу коопсуз жана ыңгайлуу шарттар түзүлгөн:**

- *Күн сайын ар бир каттамдан кийин салонго дезинфекция жасалып турат.*
- *Салонду желдетүү эрежеси сакталат (аба ырайы жакшы болгон шарттарда терезелердин ачык болушу, күн суук убактарда акыркы аялдамаларда өтмө желдетүү).*
- *Жүргүнчүлөр үчүн транспорттун салонунун кире беришинде санитайзерлер жана байланышсыз төлөм жүргүзүү үчүн автоматтар орнотулган.*
- *Жүргүнчүлөргө отуруучу орундардын 60-70%на гана отурууга уруксат берилет.*
- *Айдоочу 1,5 метр физикалык аралыкты сактоону эске алуу менен жүргүнчүлөрдү салуу жана түшүрүү үчүн жетишерлик убакыт бөлөт.*

**СИЗДЕР коронавирус инфекциясынын жугуусуна бөгөт коюу чараларын сактоого жана төмөндөгү сунуштарды аткарууга тийишсиздер:**

- Коомдук транспортто беткаптарды тагынгыла (кийүү, тагынып жүрүү жана чечүү эрежелерин сактагыла, ошондо гана беткап пайдалануу эффективдүү болот).
- Жарым-жартылай толгон транспортко отургула.
- Эгерде айдоочу кийинки транспортту күтө турууну өтүнсө, түшүнүү менен мамиле кылгыла.
- Транспортко кирүүнүн алдында жүргүнчүлөрдүн ортосунда 1-1,5 метр аралыкты сактагыла.
- Колуңарды автобус же троллейбустун кире беришине орнотулган санитайзердеги антисептика менен тазалагыла.
- Жүргүнчү орундарына башка жүргүнчүлөрдөн физикалык аралыкты сактоо менен, б.а. шахматтык тартипте отургула.
- Төлөмдү байланышсыз ("Тулпар" карточка системасы) жол менен төлөгүлө, андай жок болгон учурда төлөмдү кайтарымсыз жүргүзүү үчүн майда тыйындарды мүмкүн болушунча көбүрөөк камдап алгыла.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги

КР ССМдин Эксперттик кеңеши тарабынан 2020-жылдын 30-апрелинде бекитилди.

# COVID 19: ӨЗГӨЧӨ АБАЛДЫН АЙРЫМ ЧЕКТӨӨЛӨРҮ АЛЫНГАНДАН КИЙИН ИШТИ КАЙРА ЖАНДАНДЫРУУ МЕЗГИЛИНДЕГИ КОРОНАВИРУС ИНФЕКЦИЯСЫНЫН ЖАЙЫЛУУСУНА БӨГӨТ КОЮУ ЧАРАЛАРЫ

**Мекемелердин жетекчилери коронавирус инфекциясынын жугуусуна бөгөт коюу максатында кызматкерлерине жана алардын уюмдарына келгендер үчүн коопсуз шарттарды түзүүсү зарыл.**

## ЖУМУШКА ЧЫГУУ ШАРТТАРЫ


- Жумушка кызматкерлердин чакан топ менен баруу графигин иштеп чыгуу
- Кызматкерлерди транспорт менен камсыздоо, ошондой эле учурда жүргүнчүлөрдүн ортосундагы аралыкты сактоо, автоунааны (кармагычтар, эшиктин туткалары) милдеттүү түрдө дезинфекциялоо жана салонду желдетип туруу.

## КЕҢСЕНИН КИРЕ БЕРИШИНЕ ЧЫПКА ОРНОТУУ

- Кызматкерлер кеңсенин кире беришинде 1-1,5 метрден кем эмес физикалык аралыкты сакташат.
- Кеңсенин кире беришинде ар бир кызматкерге милдеттүү түрдөгү байланышсыз термометрия жүргүзүлөт.
- Кеңсенин кире беришине кызматкерлердин колун 70%дык спирт камтыган антисептик менен тазалоо үчүн атайын санитайзер орнотулат.



## ЖУМУШЧУ БӨЛМӨЛӨРДҮ ДЕЗИНФЕКЦИЯЛОО




- Буюмдардын беттерин (кеңсе шаймандары, оргтехника ж.б.) ар бир 2-3 саатта, ошондой эле келгендерди/кардарды кабыл алган сайын дезинфекциялоочу каражаттар менен тазалоону камсыздагыла.
- Өндүрүштүк бөлмөлөрдү дезинфекциялоочу каражаттар менен күн сайын тазалап жана жууп турууну уюштургула (эшиктин туткаларын, стулдардын кармагычтарын, жарык өчүргүчтөрүн, дааратканa бөлмөлөрүнүн эшиктеринин туткаларын, кол жууй турган раковиналарды, суу агызуучу бактын жибин же рычагдарын сүртүп туруу).
- Бөлмөнү ар бир 15 мүнөт сайын желдетип тургула.
- Абаны айландыруучу же бактерициддик УФ-нурдандыруучу жабдууларды орноткула, капкагы жабылуучу таштанды чакалар менен камсыздагыла (мүмкүнчүлүккө жараша).
- Жумуш орундарында колду самындап жууш үчүн шарттарды түзгүлө.



## ЖЕКЕ ГИГИЕНА ЭРЕЖЕЛЕРИН САКТАГЫЛА

- Колду тез-тезден 20 секунддан кем эмес жууп туруу же спирт камтылган жекече антисептик менен тазалоо.
- Жумуш күнү аяктаганга чейин кызматкерлердин же келген адамдардын ортосунда 1,5 метрден кем эмес аралыкты сактоо.
- Эгерде бөлмөдө бир эле учурда экиден ашык киши бар болсо беткаптарды тагынуу
- «Респиратордук этикетти» сактоо (чүчкүргөндө же жөтөлгөндө ооз жана мурунду кагаз кол аарчы менен жабуу).
- Кол алышпай учурашуу жана коштошуу.

**Кызматкерлерге аларда КДВО (курч дем вирустук оорулары) симптомдору (дене табынын жогорулашы, кургак жөтөл, дем алуунун начарлашы) болгон учурда кеңсеге келүүгө тыюу салынат.**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги

КР ССМдин Эксперттик кеңеши тарабынан 2020-жылдын 30-апрелинде бекитилди.
РДЧМКБда басылып чыкты. Нускасы 200 даана.

# Мекеменин кызматкерлеринин ден-соолук журналы (текшерүү баракчасы)

| Кызматкердин фамилиясы жана аты | Ээлеген кызмат орду | Дата | | Дата | | Дата | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | |
| | | Дене табы | | Дене табы | | Дене табы | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |


БЕТКАП ТАГЫНУУ
ООРУНУ ЖУКТУРУУ ТОБОКЕЛЧИЛИГИН ТӨМӨНДӨТӨТ
COVID-19 ВИРУСУН АЛЫП ЖҮРҮҮЧҮ
ВИРУСТУ ЖУКТУРУУ ТОБОКЕЛДИГИ 70%
COVID-19 ВИРУСУН АЛЫП ЖҮРҮҮЧҮ
ВИРУСТУ ЖУКТУРУУ ТОБОКЕЛДИГИ 5%
COVID-19 ВИРУСУН АЛЫП ЖҮРҮҮЧҮ
ВИРУСТУ ЖУКТУРУУ ТОБОКЕЛДИГИ 1,5%
COVID-19
STOP
РЕСПУБЛИКАЛЫК ШТАБ/ РЕСПУБЛИКАНСКИЙ ШТАБ
КОРОНАВИРУСТУК ИНФЕКЦИЯНЫН ӨЛКӨ АЙМАГЫНДА АНДАН АРЫ ЖАЙЫЛЫШЫНА ЖОЛ БЕРБӨӨ ЖАНА КИРИШИН АЛДЫН АЛУУ БОЮНЧА РЕСПУБЛИКАЛЫК ШТАБ
РЕСПУБЛИКАНСКИЙ ШТАБ ПО ПРЕДУПРЕЖДЕНИЮ ПРОНИКНОВЕНИЯ НА ТЕРРИТОРИЮ СТРАНЫ И НЕДОПУЩЕНИЮ ДАЛЬНЕЙШЕГО РАСПРОСТРАНЕНИЯ КОРОНАВИРУСНОЙ ИНФЕКЦИИ

# Идиш-аякты жуу жана тазалоо боюнча көрсөтмөлөрдү жайгаштырыңыз

*(Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 11-апрелиндеги No 201 «Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө» Жарлыгынан)*

72-б. Коомдук тамактануу жайларындагы адистештирилген идиш жуугуч кир жуугуч машиналардагы идиш-аяктарды механикалык жуу, аларды иштетүү боюнча тиркелген нускамага ылайык жүргүзүлөт.

Кол менен жуу үчүн ишкана төмөнкүлөр менен камсыз болушу керек: идиш-аяк үчүн — үч секциялуу ванна, айнек идиш жана ашкана буюмдары үчүн — эки секциялуу ванна. Буфеттерде бардык идиштерди эки бөлүмдүү ваннада жууганга уруксат берилет.

73-б. Коомдук тамактануу жайларындагы идиш-аякты кол менен жуу төмөнкүдөй тартипте жүргүзүлөт:


– атайын белгиленген таштанды контейнерлерине щетка же жыгач шпатель менен тамак-аштын таштандыларын алып салуу;

– жуугуч каражаттарды кошуу менен +40 °С төмөн эмес температурада сууга жуу;

– ваннанын 1-бөлүмүнө караганда 2 эсе аз өлчөмдө жуугуч каражаттарды кошуу менен +40 °С дан төмөн эмес температурада сууга жуу;

– темир торлорго салынган идиштерди ысык суусу бар +65 °С төмөн эмес температурада же душ башы менен ийкемдүү шланганы колдонуу менен чайкоо;

– идиштерди тор текчелеринде, стеллаждарда кургатуу.




74-б. Айнек идиштерин жана ашкана шаймандарын жуу төмөнкү режимдеги эки секциялуу ваннада жүргүзүлөт:

– жуугуч каражаттарды кошуу менен +40 °С төмөн эмес температурада сууга жуу;

– +65 °С төмөн эмес температурада агын суу менен чайкоо. Жуулган идиш-аяктын үстүнө кайнак суу куюп, андан соң кургатат.

– 75-б. Ресторандарда, кафелерде, барларда айнек идиштерин жана шаймандарын таза сүлгү менен кошумча сүртүүгө уруксат берилет. Жумуш күнүнүн аягында бардык идиш-аяктар жана шаймандар, аларды тазалоо боюнча нускамага ылайык, уруксат берилген каражаттар менен дезинфекцияланат.

76-б. Ашкана идиштерин жуу төмөнкү режимдеги эки секциялуу ванналарда жүргүзүлөт:

– тамак-аш калдыктарын щетка же жыгач шпатель менен алып салуу; күйгөн тамакты сода кошулган жылуу сууга чылап коюу керек;

– жуугуч каражаттарды кошуу менен +40 °С дан төмөн эмес температурада чөптөрдүн щеткалары же чүпүрөктөр менен жуу;

– +65 °С төмөн эмес температурада агын суу менен чайкоо.

– тор текчелеринде, стеллаждарда оодарылган түрдө кургатуу.


77-б. Таза ашкана идиштери жана шаймандары стеллаждарда полдон кеминде 0,5—0,7 м бийиктикте сакталат. Таза идиш-аяктар залда атайын кассета кутучаларында сакталат. Батыныстарда жапырт сактоого тыюу салынат.

78-б. Таза идиш жабык шкафтарда же торчолордо сакталат.

79-б. Жумуш аяктагандан кийин идиш жууган щеткалар, сүлгүлөр ысык сууга жуугуч каражаттарды кошуп жууп, кургатат жана атайын белгиленген жерде сактайт.





80-б. Жумуш бүткөндөн кийин, батыныстарды идиш жууган жайда идиш жуучу каражаттарды кошуп, ысык суу менен жууп, чайкап, кургатып, ар бир колдонгондон кийин таза салфеткалар менен сүртүп турушат.





81-б. Кир жуучу жайларда колдонулган жуугуч жана дезинфекциялык каражаттардын концентрацияларын жана көлөмдөрүн көрсөтүү менен идиш-аякты жана шаймандарды жуу эрежелери боюнча нускамалар илиниши керек.

82-б. Даярдоочу жана адистештирилген цехтере  кайра иштетилүүчү контейнерлерди жуу ванналар же кир жуугуч машиналар менен жабдылган атайын бөлүнгөн бөлмөлөрдө, кир жуугуч каражаттарды колдонуу менен жүргүзүлөт.

# Самын менен туура колдуу жуу?





Колуңузду сууланыз.





Колду самындоо үчүн алаканынызга жетиштүү өлчөмдө самын сүйкөңүз.





Алакандарды бир-бирине сүртүңүз.





Алакандардын тышкы бетин жана манжалар арасын сүртүңүз.





Алакандарды бирик-тирип манжа арасын сүртүңүз.





Колду бекитип, манжаларды сүртүңүз.





Бармактарды айлантып сүртүңүз.





Манжалардын баштарын экинчи алаканга дыкат сүртүңүз.





Самынды жууп салыныз.




Кагаз сүлгү менен колуңузду кургатыңыз.




Крандын туткасын кагаз сулгу аркылуу жабыңыз.





Сиздин колуңуз коопсуздукта.

МИНИСТЕРСТВО ЗДРАВООХРАНЕНИЯ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ


# Кантип антисептик менен колдуу туура тазалоо керек?




Алкандын жапкандай, суюктукту колуңузга куюңуз





Бир алаканынызды экинчисине сүртүңүз




Оң алаканыңыз менен сол колуңуз-дун тышкты бетин, манжалар арасын сүртүңүз, жана сол колуңузга дагы кайталаңыз





Алакандарды бири-бирине сүртүүдө, манжаларынызды бириктириниз





Манжаларды бириктирип, анын тышкы бетин алакандарга сүртүңүз




Бармакты сол колдун алаканы менен кармап, аны айландырып сүртүңүз; колдорду алмаштырыңыз




Бириктирилген манжа аркылуу сол алаканыңзды айландырып артка жана алдыны көздөй сүртүңүз




Кургагандан кийин колдоруңуз коопсуздукта

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИ

# БЕТКАПСЫЗ



# КИРҮҮГӨ БОЛБОЙТ



**БЕТКАПТЫ КИЕРДИН АЛДЫНДА КОЛДУ СПИРТ КОШУЛГАН АНТИСЕПТИК МЕНЕН ТАЗАЛОО ЖЕ САМЫН МЕНЕН ЖУУ КЕРЕК**

COVID-19 STOP

**РЕСПУБЛИКАЛЫК ШТАБ/ РЕСПУБЛИКАНСКИЙ Ш**

КОРОНАВИРУСТУК ИНФЕКЦИЯНЫН ӨЛКӨ АЙМАГЫНДА А
АРЫ ЖАЙЫЛЫШЫНА ЖОЛ БЕРБӨӨ ЖАНА КИРИШИН АЛДЫН
БОЮНЧА РЕСПУБЛИКАЛЫК ШТАБ

РЕСПУБЛИКАНСКИЙ ШТАБ ПО ПРЕДУПРЕЖДЕНИЮ ПРОНИКНОВ
НА ТЕРРИТОРИЮ СТРАНЫ И НЕДОПУЩЕНИЮ ДАЛЬНЕЙ
РАСПРОСТРАНЕНИЯ КОРОНАВИРУСНОЙ ИНФЕКЦИИ


БЕТКАПТЫ КИЙИП ТУРГАНДА
КАРМАБАҢЫЗ!
COVID-19
STOP
РЕСПУБЛИКАЛЫК ШТАБ/ РЕСПУБЛИКАНСКИЙ Ш
КОРОНАВИРУСТУК ИНФЕКЦИЯНЫН ӨЛКӨ АЙМАГЫНДА А
АРЫ ЖАЙЫЛЫШЫНА ЖОЛ БЕРБӨӨ ЖАНА КИРИШИН АЛДЫН
БОЮНЧА РЕСПУБЛИКАЛЫК ШТАБ
РЕСПУБЛИКАНСКИЙ ШТАБ ПО ПРЕДУПРЕЖДЕНИЮ ПРОНИКНОВ
НА ТЕРРИТОРИЮ СТРАНЫ И НЕДОПУЩЕНИЮ ДАЛЬНЕЙ
РАСПРОСТРАНЕНИЯ КОРОНАВИРУСНОЙ ИНФЕКЦИИ




**КАЧАН СИЗ КОЛУҢУЗДУ БАТ-БАТТАН СПИРТ КОШУЛГАН АНТИСЕПТИК МЕНЕН ТАЗАЛАП ЖЕ САМЫН МЕНЕН ЖУУП ТУРСАҢЫЗ БЕТКАП ЭФФЕКТИВДҮҮ БОЛОТ**

COVID-19 STOP

РЕСПУБЛИКАЛЫК ШТАБ/ РЕСПУБЛИКАНСКИЙ Ш

КОРОНАВИРУСТУК ИНФЕКЦИЯНЫН ӨЛКӨ АЙМАГЫНДА А
АРЫ ЖАЙЫЛЫШЫНА ЖОЛ БЕРБӨӨ ЖАНА КИРИШИН АЛДЫН
БОЮНЧА РЕСПУБЛИКАЛЫК ШТАБ

РЕСПУБЛИКАНСКИЙ ШТАБ ПО ПРЕДУПРЕЖДЕНИЮ ПРОНИКНОЕ
НА ТЕРРИТОРИЮ СТРАНЫ И НЕДОПУЩЕНИЮ ДАЛЬНЕЙ
РАСПРОСТРАНЕНИЯ КОРОНАВИРУСНОЙ ИНФЕКЦИИ




**ЭГЕР КАРМАП АЛСАҢЫЗ, КОЛУҢУЗДУ СПИРТ КОШУЛГАН АНТИСЕПТИК МЕНЕН ТАЗАЛОО ЖЕ САМЫН МЕНЕН ЖУУ КЕРЕК**

COVID-19 STOP

**РЕСПУБЛИКАЛЫК ШТАБ/ РЕСПУБЛИКАНСКИЙ Ш**

КОРОНАВИРУСТУК ИНФЕКЦИЯНЫН ӨЛКӨ АЙМАГЫНДА А
АРЫ ЖАЙЫЛЫШЫНА ЖОЛ БЕРБӨӨ ЖАНА КИРИШИН АЛДЫН
БОЮНЧА РЕСПУБЛИКАЛЫК ШТАБ

РЕСПУБЛИКАНСКИЙ ШТАБ ПО ПРЕДУПРЕЖДЕНИЮ ПРОНИКНОЕ
НА ТЕРРИТОРИЮ СТРАНЫ И НЕДОПУЩЕНИЮ ДАЛЬНЕЙ
РАСПРОСТРАНЕНИЯ КОРОНАВИРУСНОЙ ИНФЕКЦИИ



**БЕТКАП НЫМ БОЛГОН УЧУРДА ДАРОО АЛМАШТЫРУУ КЕРЕК ЖАНА БИР ЖОЛКУ КОЛДОНУЛУУЧУ БЕТКАПТЫ КАЙРАДАН КИЙБЕҢИЗ**

COVID-19 STOP

РЕСПУБЛИКАЛЫК ШТАБ/ РЕСПУБЛИКАНСКИЙ Ш
КОРОНАВИРУСТУК ИНФЕКЦИЯНЫН ӨЛКӨ АЙМАГЫНДА А
АРЫ ЖАЙЫЛЫШЫНА ЖОЛ БЕРБӨӨ ЖАНА КИРИШИН АЛДЫН
БОЮНЧА РЕСПУБЛИКАЛЫК ШТАБ
РЕСПУБЛИКАНСКИЙ ШТАБ ПО ПРЕДУПРЕЖДЕНИЮ ПРОНИКНОЕ
НА ТЕРРИТОРИЮ СТРАНЫ И НЕДОПУЩЕНИЮ ДАЛЬНЕЙ
РАСПРОСТРАНЕНИЯ КОРОНАВИРУСНОЙ ИНФЕКЦИИ

| Беттерди жана бөлмөлөрдү учурдагы жана жалпы нымдуу тазалоо боюнча текшерүү тизмеси | | Жоопту адам | Текшерүү |
|---|---|---|---|
| **Өнөр жай жайлары** | | | |
| 1 | Эшиктин туткалары | | |
| 2 | Өчүргүчтөр | | |
| 3 | Антисептиктер менен дозаторлор | | |
| 4 | Тамак-аш менен тийишкен беттер | | |
| 5 | Көпчүлүк тийген беттер | | |
| 6 | Чорголор | | |
| 7 | Бардык идиш-аяк, шаймандар — вилкалар, кашыктар, бычактар (уруксат берилген гана дезинфекциялоочу заттар менен ) | | |
| 8 | Туткалар, техникалардын өчүргүчтөрү | | |
| **Конoктор үчүн жай** | | | |
| 1 | Столдордун беттери | | |
| 2 | Эшик туткалары | | |
| 3 | Антисептиктер менен дозаторлор | | |
| 4 | Пластикалык калкандар | | |
| 5 | Меню / планшеттер | | |
| 6 | Креслолор, отургучтар | | |
| 7 | Туз, калемпир, уксус ж.б. дозаторлору | | |
| 8 | Салфетка кармагыч | | |
| 9 | Чакыруу баскычы | | |
| 10 | POS терминалы | | |
| **Жуунуучу жайлар** | | | |
| 1 | Эшиктин туткалары | | |
| 2 | Өчүргүчтөр | | |
| 3 | Самын/антисептик менен дозаторлор | | |
| 4 | Чорголор, аралаштыргычтар | | |
| 5 | Даараткана жана жууп-тазалоо баскычы | | |
| 6 | Кагаз салфетка тараткыч | | |
| 7 | Кол кургаткыч | | |
| **Жанаша аймак** | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |

Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо министрлиги

Всемирная организация здравоохранения

Кыргызстан Кызыл Ай Коому
Красный Полумесяц Кыргызстана
Kyrgyzstan Red Crescent

# КУРЧ ДЕМ ВИРУСТУК ООРУЛАРЫНАН, АНЫН ИЧИНДЕ КОРОНАВИРУСТАН КАНТИП КОРГОНУУГА БОЛОТ

## ! МААНИЛҮҮ ЭРЕЖЕЛЕР:



1. Колду самындап жуугула же спирт камтылган антисептикалык каражаттарды колдонгула



2. Жөтөлгөндө жана чүчкүргөндө оозуңарды, мурдуңарды кагаз майлык же чыканагыңар менен тоскула



3. Курч дем вирустук ооруларынын белгилери (дене табынын жогорулашы, жөтөлүү, дем алуунун начарлашы) пайда болгон учурда айланадагыларга жуктурбаш үчүн бир жолу колдонуучу беткаптарды тагынгыла



4. Бөлмөнү тез-тезден желдеткиле жана нымдуу чүпүрөк менен көбүрөөк тазалап тургула



5. Жаныбар тектүү азыктарды жакшылап бышыргандан кийин колдонгула

КРнын Саламаттык сактоо министрлигинде коронавирус боюнча ыкчам байланыш кызматынын номерлери: 0312 32-30-55; 0312 32-32-02

**! Ушул чаралар курч дем вирустук ооруларынан, анын ичинде коронавирустун жайылышынан коргой алат**


Жумуш орундарында КДВОну
(курч дем вирустук ооруларын), анын ичинде COVID-19 тарабынан пайда болгон ооруларды алдын алуу чаралары
Жумуш орундарында кызматкерлерге жана келгендерге колду жууп туруу үчүн шарттарды түзгүлө. Суу жана самындын жеткиликтүү болушун үзгүлтүксүз камсыздагыла.
Жумуш орундарында кызматкерлердин колдорун тазалоо үчүн спирт камтыган антисептик куюлган диспенсердин болушун камсыздагыла.
Жумушчу жабдууларды (эмерек, оргтехника) жана тез-тезден колдонуучу буюмдарды (эшиктердин туткалары, телефондор, клавиатура, кеңсе шаймандары) ар бир 2 саатта дезинфекциялоочу каражаттар менен үзгүлтүксүз сүртүп тургула.
Жумуш орундарында жөтөлүү жана чүчкүрүү гигиенасын сактагыла – ооз жана мурунду бир жолу колдонуучу кагаз бетаарчыга же бүгүлгөн чыканакка чүчкүргүлө. Колдонулган кагаз бетаарчыларды оозу жабылуучу таштанды чакаларга таштагыла.
Жумуш күнүнүн ичинде бөлмөлөрдү тез-тезден желдетип тургула.
КДВОнун белгилери болгон (жөтөл, дене табынын жогорулашы, дем алуунун начарлашы) кызматкерлерден кеңсеге келбей, үйүндө эле калуусун өтүнгүлө.
Кызматкерлерге өлкөнүн чегинен сыртка чыгууну жана өлкө ичинде орун которуштурууну азайтууну, ошондой эле көпчүлүк катышкан иш-чараларды өткөрүүнү чектөөнү сунуштагыла.
Кызматкерлерден коронавирус боюнча эпидемиологиялык жактан кооптуу өлкөлөргө командировкага чыгуудан жана сапар тартуулардан карманууусун өтүнгүлө.
COVID-19 тарабынан пайда болгон КДВО чыккан учурда:
• адамдар көп топтолгон жерлерге барбоо, коомдук транспортторду пайдаланууну чектөө;
• ишкананардын ишмердүүлүгүн аралыктан, үйдө уюштуруу мүмкүнчүлүгүн карагыла.
Коронавирус боюнча сурап-билүү телефону
0(312) 32-32-02
Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги
Всемирная организация здравоохранения

# COVID-19: КУРЧ ДЕМ ВИРУСТУК ООРУЛАРЫНЫН БЕЛГИЛЕРИ, АНЫН ИЧИНДЕ ЖАҢЫ КОРОНАВИРУС ООРУСУ ПАЙДА БОЛГОН УЧУРДА ЖАСАЛУУЧУ АРАКЕТТЕР БОЮНЧА ЭСКЕРТМЕ

## Эгерде оорунун бир же бир нече көрсөтүлгөн белгилери пайда болсо:

- ТАМАК ООРУУ
- ЖӨТӨЛ
- ДЕНЕ ТАБЫНЫН ЖОГОРУЛАШЫ
- ДААМДЫ ЖАНА ЖЫТТЫ СЕЗБЕЙ КАЛУУ
- ИЧ ӨТҮҮ
- АЛСЫРОО ЖАНА ТЕРДӨӨ
- МУУНДАРДЫН ЖАНА БУЛЧУҢДАРДЫН ООРУШУ

**ҮЙДӨН ЧЫКПОО КЕРЕК**

- ҮЙ-БҮЛӨНҮН БАШКА МҮЧӨЛӨРҮНӨН ӨЗҮНЧӨ, ЖАКШЫ ЖЕЛДЕТИЛЕ ТУРГАН, ЭШИГИ ЖАБЫЛУУЧУ БӨЛМӨДӨ БОЛУУ ЗАРЫЛ. БӨЛМӨДӨН ЗАРЫЛЧЫЛЫККА ЖАРАША ЖАНА КЫСКА УБАКЫТКА ЧЫГУУГА УРУКСАТ БЕРИЛЕТ.
- ГИГИЕНА ЭРЕЖЕЛЕРИН САКТАГЫЛА (БЕТ КАП ТАГЫНГЫЛА, КОЛДУ САМЫНДАП ЖУУГУЛА, ӨЗҮНЧӨ ИДИШТЕРДИ КОЛДОНГУЛА, БӨЛМӨНҮ ТЕЗ-ТЕЗ ЖЕЛДЕТИП ТУРГУЛА)
- 118 НОМЕРИНЕ, ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ДАРЫГЕРЛЕРГЕ (ҮДТ) ООРУНУН БЕЛГИЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ КАБАРЛАГЫЛА

**СИМПТОМАТИКАЛЫК ДАРЫЛОО:**

- СУЮКТУКТУ КӨП ИЧКИЛЕ (СУУ, ЧАЙ, КОМПОТ)
- ДЕНЕ ТАБЫ 38,5°С ГА ЧЕЙИН ЖОГОРУЛАГАН УЧУРДА ГАНА ДЕНЕ ТАБЫН ТҮШҮРҮҮЧҮ ПАРАЦЕТАМОЛ ЖАНА ИБУПРОФЕН ДАРЫЛАРЫН ИЧКИЛЕ.

ЭГЕРДЕ БАШКА ӨНӨКӨТ ООРУЛАР БАР БОЛСО, ДАРЫЛООНУ УЛАНТКЫЛА (ГИПЕРТЕНЗИЯ, ДИАБЕТ, ЖҮРӨК, ӨПКӨ ООРУЛАРЫ Ж.Б.)

**ӨЗҮН-ӨЗҮ КӨЗӨМӨЛДӨӨ:**

- ДЕНЕ ТАБЫН ТЕКШЕРИП ТУРГУЛА
- ЖҮРӨКТҮН КАГЫШЫН БАЙКАГЫЛА
- ДЕМ АЛУУНУН ӨЗГӨРҮҮСҮНӨ ЖАНА ЖӨТӨЛДҮН БАШТАЛЫШЫНА КӨҢҮЛ БУРГУЛА

**ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ДАРЫГЕРГЕ КҮН САЙЫН ТЕЛЕФОН АРКЫЛУУ ДЕН СООЛУГУҢАР ЖӨНҮНДӨ БИЛДИРИП ТУРГУЛА.**

ЭГЕРДЕ ДЕН СООЛУГУҢАР НАЧАРЛАП КЕТСЕ (ДЕНЕ ТАБЫ ЖОГОРУЛАСА, ЖӨТӨЛ КҮЧӨСӨ, ДЕМ АЛУУ КЫЙЫНДАСА) ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ДАРЫГЕРГЕ ДАРОО БИЛДИРГИЛЕ. АНДАН АРКЫ ДАРЫЛОО ЖЕ МЕДИЦИНА МЕКЕМЕСИНЕ ЖАТКЫРУУ БОЮНЧА ЧЕЧИМДИ ДАРЫГЕР КАБЫЛ АЛАТ.

**СУНУШТАЛБАЙТ**

**ДАРЫЛОО МЕКЕМЕСИНЕ ӨЗ АЛДЫНЧА БАРУУГА ТЫЮУ САЛЫНАТ:**

- **КАН АНАЛИЗИН COVID-19ГА ТЕСТИРЛӨӨДӨ, ПАНДЕМИЯ УЧУРУНДА, ООРУНУН КЛИНИКАЛЫК БЕЛГИЛЕРИ ПАЙДА БОЛГОН УЧУРДА, COVID-19 ТЕСТИНИН ОҢ ЖАНА ТЕРС ЖЫЙЫНТЫГЫНА КАРАБАСТАН, АБАЛЫ КОРОНАВИРУСТУК ИНФЕКЦИЯНЫН КӨРҮНҮШҮ КАТАРЫ КАРАЛГАН УЧУРДА;**
- **КОМПЬЮТЕРДИК ТОМОГРАФИЯ ӨТҮҮ ҮЧҮН. ӨПКӨДӨГҮ ӨЗГӨРҮҮЛӨР БЕЛГИЛҮҮ БИР МЕЗГИЛДЕ ПАЙДА БОЛОТ ЖАНА ООРУНУН БАШТАЛЫШЫНДА АР ДАЙЫМ БОЛО БЕРБЕЙТ**

**ЭСКЕРТҮҮ! КОРОНАВИРУСТУК ИНФЕКЦИЯНЫН 80%Ы ЖЕҢИЛ ЖАНА КЛИНИКАЛЫК БЕЛГИЛЕРИ ЖОК ӨТӨТ.**

## КОРОНАВИРУСТАН ӨЗҮҢҮЗДҮ ЖАНА БАШКАЛАРДЫ КОРГОҢУЗ

Колуңарды самындап жуугула же спирт камтыган антисептик каражаттарын колдонгула.

Чүчкүргөндө жана жөтөлгөндө оозду, мурдунарды кагаз майлык же чыканак менен жапкыла. Жуулбаган кол менен көз, мурун же оозунарды кармабагыла.

Жолугушкан учурларда кучакташуу, өбүшүү, кол алышуудан кармангыла.

Курч дем вирустук ооруларынын симптомдору пайда болсо (дене табынын жогорулашы,жөтөл, дем алуунун начарлашы) бир жолу колдонуулучу бет каптарды тагынгыла.

Бөлмөлөрдүү тез- тез желдетүү жана нымдуу тазалоо жасап туруу керек.

Жаныбар тектүү азыктарды жакшылап бышыргандан кийин колдонгула.

www.ds.kg

## ЭГЕР СИЗДЕ COVID-19 ЖЕНИЛ ФОРМАСЫ БОЛГОН УЧУРДА ЭМНЕ КЫЛУУ КЕРЕК?

Сунушталат: төшөк режими. Суюктукту көп ичүү (компоттор, морс, чай, шорпо) сууну көп пайдалангыла (30 мл кг салмака. Эгер сиздин салмак 50 кг болсо аны 30 мл кобойтобуз = 1.6 л кунуно).
Ооруну биринчи 5 күнүндө симптомдордун динамикасы бааланат.

Дене табы 38.5 жогорулаганда парацетамол 500 мг же ибупрофен 200 мг суткасына 3 жолу, 3 күндөн ашык эмес ичүү сунушталат. Жөтөл учурунда жөтөлгө каршы табигий даарылады колдонуу сунушталат. Жана ошондой эле күнүнө 4 жолу 1 сааттан көмкөрөсүнөн жатуу сунушталат.

Кошумча дарылануу дарыгер тарабынан сунушталат.

www.ds.kg

# COVID-19 белгилери байкалса кайда чалса болот?

## Республика боюнча тынымсыз байланыш жана ишеним телефондору

Коронавирус маселелери боюнча тынымсыз байланыш телефону – **118**
КР Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин тынымсыз байланыш телефону — **112**
Тез жардам – **103**
КР Саламаттык сактоо министрлигинин ыкчам штабы – **(0 312) 66 06 63**
COVID-19 маселелери боюнча республикалык штабдын тынымсыз байланыш телефону —
**(0 312) 32 32 02, What's App: 0770 89 55 56, Телеграм: Штаб КР по COVID-19**

Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдүн шаардык жана райондук борборлорун шилтемеден табууга болот: https://yellowpages.akipress.org/cats:90/
**БИЛАЙН ЧАЛУУ БОРБОРУ *3202**

### Бишкек ш. Ленин району

Облустук үй-бүлөлүк медицина борбору (ОҮМБ) – 0990 88 80 28
Үй-бүлөлүк медицина борбору (ҮМБ) № 2 – 0990 88 80 28

ҮМБ № 11 – 0990 888 029
ҮМБ № 12 – 0990 888 031
ҮМБ № 13 – 0990 888 032
ҮМБ № 17 – 0990 888 033

### Бишкек ш. Биринчи Май району

ОҮМБ – 0990 888 071
ҮМБ № 7 – 0990 888 072
ҮМБ № 14 – 0990 888 073
ҮМБ № 16 – 0990 888 074

### Бишкек ш. Октябрь району

ОҮМБ – 0990 888 036
ҮМБ № 15 – 0990 888 015
ҮМБ № 18 – 0990 888 035
ҮМБ № 19 – 0990 888 019

### Бишкек ш. Свердлов району

ОҮМБ – 0701 103 001
ҮМБ № 4 – 0701 103 101
ҮМБ № 8 – 0701 103 003
ҮМБ № 9 – 0701 103 004
ҮМБ № 10 – 0701 103 007

### Чүй облусу

Ысык-Ата РҮМБ – 0555 222 646, 0705 222 646
Чүй РҮМБ – 0770 002 823; 0557 412 185
Кемин РҮМБ – 0558 73 00 68
Сокулук РҮМБ – 0557 808 808
Жайыл РҮМБ – 0558 313 307
Токмок ГҮМБ – 0551 771 457
Московский РҮМБ – 0701 366 345
Жаңы-Жер ЖДПБ – 0773 127 899
Орловка ЖДПБ – 0550 404 359
Панфилов ЖДПБ – 0555 825 392; 0771 825 392
Суусамыр ЖДПБ – 0770 857 857; 0700 618 416
Арашан ЖДПБ – 0701 869 679

### Нарын областы

Нарын облустук бириккен ооруканасы (НОБО) – 0500 787 177; 0701 47 47 88; 0700 068 626; 0550 375 555; 0550 530 028
Ат-Башы РҮМБ – 0702 802 983; 0708 698 200
Ак-Тала РҮМБ – 0707 312 643; 0707 312 643
Жумгал РЦМ – 0708 951 108
Миң-Куш Жалпы дарыгерлер практика борбору (ЖДПБ) – 0555 266 848
Кочкор РМБ – 0705 018 181; 0707 20 25 25
Нарын РҮМБ – 0707 78 35 35

**Талас областы**
Бакай-Ата ЖДПБ ишеним телефону:
Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу (ҮДТ)
№ 1 – 0777 118 548
ҮДТ № 3 – 0772 426 173
ҮДТ № 4 – 0779 871 438
ҮДТ № 5 – 0779 205 181
ҮДТ № 6 – 0773 107 003
ҮДТ № 7 – 0779 438 346
ҮДТ № 8 – 0777 88 25 02
ҮДТ № 9 – 0772 199 251
ҮДТ № 10 – 0777 396 694

Манас ЖДПБ – 0773 339 703
ҮДТ № 1 – 0779 852 747
ҮДТ № 2 – 0773 001 379
ҮДТ № 3 – 0704 232 539
ҮДТ № 4 – 0779 897 539
ҮДТ № 5 – 0779 126 349

Талас ОҮМБ – 0707 325 786;
0709 001 264
Талас РҮМБ – 0778 080 776;
0772 278 421
Кара-Буура ҮМБ
ҮДТ №1 – 0555 478 845
ҮДТ №2 – 0550 532 256
ҮДТ №3 – 0554 760 080
ҮДТ №4 – 0557 857 373
ҮДТ №5 – 0556 034 412
ҮДТ №6 – 0558 767 989
ҮДТ №7 – 0999 012 107
ҮДТ №8 – 0555 733 228

**Ош облусу жана Ош шаары**
Алай МБ – 03234 6-00-06
Араван МБ – 03231 5-40-86
Кара-Кулжа МБ – 03239 5-07-66
Кара-Сууй МБ – 03232 5-19-62
Ноокат МБ «Барын» – 03230 6-02-56
Ноокат МБ «Медигос» – 03230 5-03-65
Өзгөн МБ – 03233 6-00-92

Чоң-Алай ЖДПБ – 03237 2-21-24
Куршаб ЖДПБ – 03233 5-40-65
Мырза-Аке ЖДПБ – 03233 5-55-110
Папан ЖДПБ – 0553 976564

Ош ОҮМБ – 03222 5-66-09
ҮМБ № 1 – 03222 4-84-24
ҮМБ № 2 – 03222 5-30-84
ҮМБ № 3 – 03222 7-76-42
ҮМБ № 4 – 03222 6-40-79
ҮМБ № 5 – 03222 6-28-50
ҮМБ № 6 – 03222 6-91-52
ҮМБ № 7 – 03222 8-54-01
ҮМБ № 8 – 03222 8-65-87
ҮМБ № 9 – 03222 8-47-73
ҮМБ № 10 – 03222 6-64-76
ҮМБ № 11 – 03222 3-70-20

**Жалал-Абад областы**
Жалал-Абад ҮМБ – 0778 515 335
Сузак ЦСМ – 0772 205 208
Кок-Жаңгак ЖДПБ – 0554 140 422
Октябрь ҮМБ – 0778 755 955
Ноокен ҮМБ – 0770 175782
Кочкор-Ата ҮМБ – 0551 141 066
Базар-Коргон ҮМБ – 0773 269 459
Шамалды-Сай ЖДПБ – 0773 381 658
Майлуу-Суу ЖДПБ – 0773 169 002
Кара-Кул ЖДПБ – 0778 660 602
Токтогул ҮМБ – 0556 806 101
Өзгөрүш ЖДПБ – 0778 50 21 21
Үч-Терек ЖДПБ – 0778 30 88 63
Аксы ҮМБ – 0777 270 008
Ала-Бука ҮМБ – 0779 62 33 52
Чаткал ЖДПБ – 0771 884 888
Сумсары ЖДПБ – 0773 798 781
Тогуз-Торо ЖДПБ – 0701 66 00 47

**Ысык-Көл областы**
Тон ҮМБ – 0706 00 27 24
Жети-Өгүз ЖДПБ – 0550 801 620
Тюп ҮМБ – 0707 169 097
Ак-Суу ЦСГ – 0707 306 561
Каракол ОҮМБ / ЖДПБ – 0773 341 890
Ананьево, Иссык-Көл ҮМБ – 0550 221 808

**Баткен областы**
(3622) 5-19-47
0505 306020
0227 051818

# Маалымат булактары

**КР ченемдик укуктук актылары:**


Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги No201 «Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө» токтому http:// cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/98479

2017-жылдын 13-апрелиндеги No 58 Кыргыз Республикасынын Мыйзам бузуулар жөнүндө кодекси http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111565

Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 24-майындагы No54 «Жарандык коргоо жөнүндө» Мыйзамы http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111787?cl=ru-ru

Кыргыз Республикасынын жоруктар жөнүндө кодекси http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111529?cl=ru-ru

2017-жылдын 2-февралындагы No19 Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111527

КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 11-майындагы № 244 токтому Коронавирустук инфекциянын (COVID-19) жайылуу тобокелдиктерин азайтуу боюнча кошумча чаралар жөнүндө https://www.gov.kg/ru/npa/s/2450

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2020-жылдын 29-майындагы No 352 жана Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин 2020-жылдын 29-майындагы No192 биргелешкен буйругу «Туризм тармагында коронавирус инфекциясынын (COVID-19) жайылышын алдын алуу боюнча санитардык-эпидемиологиялык талаптарды бекитүү жөнүндө» http://www.med.kg/images/koronavirus/dokumenty/SovmestniyPrikaz352_29052020.pdf

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2020-жылдын 4-майындагы No287 «Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо тутумуна COVID-19 эпидемиясына каршы туруу максатында Бишкек шаарында жана аймактарда 118 (Call-борборлор) бирдиктүү ишеним телефонун уюштуруу жөнүндө» буйругу http://www.med.kg/images/koronavirus/dokumenty/ prikaz_287_04052020.pdf

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 10-июнундагы No 319 токтому «Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаменти жөнүндө» http://cbd.minjust. gov.kg/act/view/ru-ru/94538

## Коронавируска байланыштуу Кыргыз Республикасынын калкынын ден-соолугун чыңдоо боюнча кошумча пайдалуу шилтемелер:

- Кыргызстандагы коронавирус жөнүндө расмий сайт: https://www.covid.kg/ru/recomendation

- Кыргыз Республикасынын COVID-19 штабы:
Facebook баракчасы
https://www.facebook.com/%D0%A8%D1%82%D0%B0%D0%B1-%D0%9A%D0%A0-%D0%BF%D0%BE-Covid-19-106424607663954/
Телеграм: t.me/RshKRCOV

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги:
Веб-сайт – http://www.med.kg/ru/rekomendatsii-dlya-naseleniya.html
Facebook баракчасы – https://www.facebook.com/minzdravKR

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Ден-соолукту чыңдоо жана массалык коммуникация борбору:
вебсайт – http://www.ds.kg/news/view/363,
Facebook баракчасы – https://www.facebook.com/RCHPMC/

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаменти: https://dgsen.kg/

- Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору: https://cgsn.gov.kg/

- Бишкек шаарынын мэриясынын алдындагы санитардык-экологиялык инспекциясы: https://www.meria.kg/ru/structures/division/15

- Кыргыз Өкмөтүнүн сайты: https://www.gov.kg/ru

- Кыргыз Республикасынын Президентинин сайты: http://www.president.kg/ru

- Бишкек шаарынын мэриясы:
вебсайт – https://www.meria.kg/ru/post/20244
Facebook баракчасы – https://www.facebook.com/312Bishkek

- Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму (ДССУ) https://www.who.int/ru/emergencies/diseases/novel-coronavirus-2019

- Маалымат агенттиктери www.akipress.org жана www.24.kg

Түзгөн: Гульзат Раимбекова
Туруктуу өндүрүш жана керектөө (ТӨК) жөнүндө комментарийлер:
Салават Сооронбаев, Айдар Канатбеков, Асель Дооранова

Дизайн жана макети: Марина Блинова

Визуалдаштыруу: иллюстрациялар www.freepik.com, www.flaticon.com колдонулуп даярдалды

Корректор: Айзат Чынгысова

Сүрөттөр жалпы интернет ресурстарынан алынган, автордук белгилерди жана аларды колдонууга чектөөлөрдү камтыбайт.

Бишкек, 2020

/PERETO.project.kg
@PERETO_project_kg
Твиттер @PeretoKg
Телеграм PERETO KG/ПЭРЭТО КР
www.pereto.kg
pereto@auca.kg
0312 915 000 (добав. 326, 327)

/horecaclub.kg
www.horeca-club.kg
horeca.kg@gmail.com
0509 660 505

switchasia GRANTS PROGRAMME
Funded by the European Union
HORECACLUB
PERETO
Promotion of Energy and Resource Efficiency in Tourism SMEs in Kyrgyzstan